Ушул отчёт “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 101-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесине ылайык берилет жана 2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишин чагылдырат.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2017-жылдагы иши жөнүндө отчёт, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 10-майындагы №01-26/57 токтому менен бекитилген.

Басылманынын мазмуну жана жайылтуу менен байланышкан маселелер боюнча, 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Исанов көчөсү, 131, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы дареги менен кайрылса болот.
Телефон: +996 (312) 32 34 30, факс: +996 (312) 32 38 86,
Электрондук почта : esep@esep.kg,
веб-сайт: www.esep.kg

**Бишкек шаары, 2018-жылдын майы**



## Урматтуу окурмандар!

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы өзүнүн ишин Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын улуктугу, объективдүүлүк, айкындуулук, купуялуулук, коллегиалдуулук жана көз карандысыздык принциптеринин негизинде жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын түзүлүшүнүн жана иштешинин укуктук негиздери Кыргыз Республикасынын Конституциясына коюлган. Конституциянын 107-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына, бюджеттен тышкаркы каражаттарга, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышына аудит жүргүзөт.

Мамлекеттик аудиттин көз карандысыз органы катары Эсептөө палатасынын статусу, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталган.

2017-жылы Эсептөө палатасы мамлекеттик каражаттардын пайдаланылышынын үстүнөн контролдоого, бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда бюджет алуучулар тарабынан мыйзамдардын сакталышына өзгөчө көңүл бурду.

Отчеттук жылы 2016-2020-жылдарга Эсептөө палатасынын Стратегиялык планын ишке ашыруу боюнча иштери улантылынды, анын миссиясы болуп, мамлекеттик ресурстарды пайдаланууда мыйзамдуулуктун сакталышын камсыз кылууга, калктын кирешелеринин туруктуу өнүгүүсү жана динамикалуу өнүккөн экономикасы менен, күчтүү жана көз карандысыз мамлекетти түзүү максатында, мамлекеттик менчикти натыйжалуу башкарууга жардам берген финансылык тескөөнүн алдыңкы стандарттарын алга жылдыруу эсептелет.

Сиздерге берилип жаткан отчет, 2017-жылдагы Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү, аудитордук иш чаралардын сапатын жогорулатууга багытталган иш чаралар, мындан ары аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү, иштелип чыккан методологиялык окуу куралдары, мамлекеттик жана укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү, кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу иши, эл аралык ишмердүүлүк жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу, аудит процессине эл аралык стандарттарды андан ары жайылтуу, финансылык тартипти бузууну алдын алуу боюнча бир катар иш чараларды жүзөгө ашырууну пландап жатабыз.

Эсептөө палатасы өз кезегинде, коомчулук жана мыйзам чыгаруу бийлиги тарабынан, биздин иш-аракетибиздин негизги багыттарын ишке ашырууга колдоо көрсөтөөрүнө ишенет.

***Урматтоо менен,***
***Эсептөө палатасынын төрагасы***
***Улукбек Марипов***

## МАЗМУНУ

**Киришүү ....................................................................................................3**

**1. Эсептөө палатасынын ишинин негизги багыттарын жүзөгө ашыруу .........4**

**2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү .................................8**

2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары ...........................................................8

2.2. Республикалык бюджеттин, Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги жыйынтыктары ...............................................18

2.3. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш-чаралардын жыйынтыктары ...........................................................................................24

**3. Коррупцияга каршы иш-чаралар...........................................................29**

**4. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу..................................................32**

4.1. Бийлик органдары жана мамлекеттик башка органдар менен өз ара аракеттенишүү ...........................................................................................32

4.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү ..................................32

4.3. Коомчулук жана жалпыга маалымдоо каражаттары менен байланышуу...35

4.4. Эл аралык кызматташуу ...........................................................................36

**5. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо ...............................39**

5.1. Методологиялык камсыздоо ......................................................................39

5.2. Финансылык-чарбалык камсыздоо .............................................................40

5.3. Кадрдык камсыздоо ..................................................................................42

**Корутунду....................................................................................................45**

## Киришүү

2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши жөнүндө ушул отчёт, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин токтому[1] менен бекитилген Отчёттторду түзүү боюнча колдонмонун жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын буйругу[2] менен бекитилген Эсептөө палатасынын аудитордук иши жөнүндө отчётту түзүү тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык даярдалды.

Отчет Эсептөө палатасынын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрү тарабынан даярдалган маалыматтар жана аудитордук иштин жыйынтыктары боюнча статистикалык маалыматтарга негизделген.

Бул отчётто ага жүктөлгөн функцияларды аткаруу боюнча Эсептөө палатасынын иши чагылдырылган, 2017-жылы жүргүзүлгөн жана Эсептөө палатасынын Кеңешинде жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн отурумдарынын чечимдери менен бекитилген абдан маанилүү аудит жыйынтыктары берилди.

Отчёт ошондой эле, ушул мезгил аралыгында жүргүзүлгөн аудитордук иш-чарлардын сапатын андан ары жакшыртууга багытталып жүзөгө ашырылган уюштуруу иш-чаралары, жеке ишмердиктин максималдуу ачыктыгын камсыз кылуу, коррупцияга каршы жүргүзүлгөн иш чаралар, жүргүзүлгөн аналитикалык изилдөөлөр, жаңы методологиялык иштеп чыгуулар, аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү бөлүгүндө жүргүзүлгөн реформаларды улантуу, кадр мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу иши, эл аралык иш-аракеттерди уюштуруу жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иштешинин бир катар жана башка аспекттери жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Ошондой эле, отчетто Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, укук коргоо органдары жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башка органдары менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенишүүсү жөнүндө маалыматтар берилген.

[1] 2010-жылдын 6-сентябрындагы №01-3/32
[2] 2008-жылдын 21-майындагы №1-12/95

# 1. Эсептөө палатасынын ишинин негизги багыттарын жүзөгө ашыруу

2017-жылы Эсептөө палатасынын ишинин негизги багыттары, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана башка ченемдик-укуктук актылар менен, Эсептөө палатасына жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга ылайык аныкталган.

Эсептөө палатасынын ишинин натыйжалуулугу, улуттук ресурстарды пайдалануунун ачыктыгын жана отчеттуулугун жогорулатууга, мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү сапаттуу жана натыйжалуу башкарууга, коррупциялык тобокелдиктерди алдын алууга жана аныктоого, бүтүндөй бюджеттик тутумду өнүктүрүүгө жардам берет.

Буга байланыштуу, Эсептөө палатасы ага жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу процессинде, өз ишин пландоо процессин оптималдоо, аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү бөлүгүндө жүргүзүлгөн реформаларды тездетүү, жеке ишинин ачыктыгын камсыздоо, өз кызматкерлеринин мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү, методологиялык базаны жакшыртуу аркылуу, жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын сапатын андан ары жогорулатууга өзүнүн күч-аракетин топтогон.

Отчёттук жылы мамлекеттик стратегиялык документтер менен белгиленген, өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги багыттарына ылайык, 2016-2020-жылдарга Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы менен белгиленген, максаттарга жетүү боюнча иштер улантылды. Жакынкы 5 жылга Эсептөө палатасынын стратегиялык планынын негизги максаттары, мамлекеттик аудит тутумун жакшыртууда турат, анын ичинен, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу (ISSAI), адам ресурстарын натыйжалуу башкаруу тутумун өнүктүрүү, тышкы коммуникацияларды чыңдоо. План төмөндөгүдөй 3 негизги максаттан турат:

**1) Мамлекеттик аудитти жакшыртуу тутуму**

- мамлекеттик аудит жаатында Эсептөө палатасынын ченемдик базасын жакшыртуу үзгүлтүксүз жүргүзүлөт;

- колдонуудагы штаттык жүгүртмөгө ылайык, Эсептөө палатасынын түзүмүндө жыл сайын ротациялоо менен, аларга жооптуу аудиторлорду бекитүү менен, тармактык принциптер боюнча төмөндөгүдөй 4 бөлүм түзүлгөн жана алар аудитордук иш-чараларды жүргүзөт: Республикалык бюджетке жана мамлекеттик мүлккө аудит жүргүзүү бөлүмү, Экономика тармагынын чыгымдарына аудит жүргүзүү бөлүмү, Социалдык жана курчап турган чөйрөлөрдүн чыгымдарына аудит жүргүзүү бөлүмү жана Мамлекеттик сектордун, коргонуунун, коомдук тартиптин жана коопсуздуктун чыгымдарына аудит жүргүзүү бөлүмү. Тармактык бөлүмдөр жөнүндө Жобо менен, жүргүзүлгөн аудиттердин сапатын контролдоо боюнча милдеттер жана функциялар каралган;

- Эсептөө палатасынын методологиялык иш стратегиясын өнүктүрүү боюнча Европалык кеңештин мүчөлөрү менен жумушчу отурумдары өткөрүлгөн жана IT технологияны колдонууга ылайык, натыйжалуулук аудитин жүргүзүү боюнча колдонмо жеткире иштелип чыккан;

- Казакстан Республикасынын республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча Эсептөө комитетинин, Кытай Эл Республикасынын Улуттук аудит кеңсеси жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан бирдей контролдук иш чараларды жүргүзүү жөнүндө Макулдашуу алкагында, Европалык кеңештин долбоору боюнча эл аралык жана жергиликтүү консультанттардын катышуусу менен, Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институтунун мисалында, саламаттык сактоо чөйрөсүндө бирдей натыйжалуулук аудити жүргүзүлгөн.

-эл аралык стандарттар боюнча пилоттук аудиттердин жүрүшүндө, обочолонгон ыкма менен, реалдуу режимде жүргүзүлгөн аудиттин сапатын контролдоого мүмкүнчүлүк берүүчү, автоматташтырылган 1С компьютердик программасы колдонулган;

- аудитордук ишти пландоо процессин жакшыртуу жана жүргүзүлгөн аудиттердин сапатын жогорулатуу максатында, Эсептөө палатасынын аудитордук ишин пландоо боюнча колдонмо иштелип чыккан жана бекитилген. Андыктан, 2018-жылга Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы, иштелип чыккан Колдонмого ылайык түзүлгөн. Мурунку планга салыштырмалуу, бул план тобокелдиктерге негизделген, аудит объектилери адам ресурстарынын санын жана белгиленген ведомстволук түзүмдөрдү көрсөтүү менен, белгиленген критерийлер боюнча тандалган;

- сапатты контролдоону жана реалдуу режимде Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан аудит жүргүзүүнүн жүрүшүн көзөмөлдөөнү камтуу менен, 1С тутумунун платформасында аудит жүргүзүү процесси автоматташтырылган жана аны колдонуу боюнча нускама иштелип чыккан.

**2) Адам ресурстарын башкаруунун натыйжалуу тутумун орнотуу жана өнүктүрүү**

- кадрларды башкаруу саясаты, Эсептөө палатасынын Кеңешинде бекитилген, 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын адам ресурстарын башкаруу стратегиясынын негизинде жүргүзүлгөн;

- 2017-жылдагы Эсептөө палатасынын Коррупцияга каршы иш-чаралар планы жана Окутуу планына ылайык, коррупцияга каршы аракеттенүү маселеси боюнча тренинг уюштурулган. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жана Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин кызматкерлери тренингдин тренерлери болушкан. Ага бардыгы болуп, Эсептөө палатасынын борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүнүштөрүнүн 61 мамлекеттик кызматчысы катышкан. Мындан сырткары, Мамлекеттик кызматчыларды окутуунун мамлекеттик заказы алкагында, Эсептөө палатасынын 10 кызматкери ар кандай багыттар боюнча окушкан. Чет өлкөлүк уюмдар тарабынан өткөрүлгөн семинарларга 7 адам катышкан;

- Европалык кеңештин долбоорунун финансылык колдоосу менен, кийинчерээк экзамен берүү менен “Финансылык эсеп”, “Башкаруу эсеби” багыттары боюнча CIPA программасы менен адистерди сертификациялоо боюнча окутуу курстарын уюштуруу улантылган.

**3) Тышкы жана ички коммуникацияларды башкаруу**

- Казакстан Республикасынын республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча Эсептөө комитетинин, Кытай Эл Республикасынын Улуттук аудит кеңсеси жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан бирдей контролдук иш чараларды (аудитти) жүргүзүү жөнүндө Макулдашууга кол коюлган;

- Бишкек шаарында КМШ мүчө мамлекеттеринин Финансылык контролдоонун жогорку органдары (ФКЖО) үчүн, мамлекеттик финансылык контролдоонун стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу тобунун X отуруму өткөрүлгөн;

- Кыргыз Республикасында мамлекеттик сатып алуулардын натыйжалуулугуна аудит жүргүзүү методологиясын иштеп чыгуу жана жайылтуу боюнча долбоорду ишке ашыруу боюнча ЕРӨБ миссиясынын ишине катышышкан;

- 26.03.2005-жылдагы “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы менен укук коргоо органдарынын өз ара аракеттенишүүсү жөнүндө” Макулдашуунун алкагында, укук коргоо органдарына берилген аудит боюнча материалдардын маалыматтары 1С электрондук база тутумунда иштелип чыккан жана жайылтылган, ал болсо, бул материалдар боюнча териштирүүнүн жүрүшүндө сапаттуу мониторинг жүргүзүүгө мүмкүндүк берет;

- Эсептөө палатасы коррупцияга каршы маселелер боюнча укук коргоо, фискалдык жана башка жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мамлекеттик органдарынын координациялык кеңешмелерине катышкан;

- Эсептөө палатасынын жаңыртылган, өркүндөтүлгөн жана модернизацияланган расмий сайты ишке киргизилген;

- Эсептөө палатасы жарандык сектор алдында ачыктык жана айкындуулук саясатын активдүү түрдө алга жылдырууда. Коммуникациянын адаттагыдай ыкмасынан сырткары, социалдык тармактар колдонулат, ал жерде Эсептөө палатасынын расмий баракчалары ачылган. Ошондой эле, жарандардын ыңгайлуулуктары үчүн, 2017-жылы WhatsAppта Эсептөө палатасынын каналы ачылган, ал жерге ар бир адам өз маселеси боюнча кайрыла алат.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 15-июнундагы №1698-VI “2016-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын отчёту тууралуу” токтомунун 3-пунктун ишке ашыруу**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жогоруда аталган токтомун аткаруу менен, Эсептөө палатасы тарабынан кызматтагы жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жооптуу адамдарын аныктоо менен, аны аткаруу боюнча Иш чаралар планы даярдалган жана бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан каржы бузуулардын, резервдердин, тобокелдиктердин жана башка бузуулардын, алардын мүнөздөрүн, категорияларын, бюджетке каражаттардын калыбына келтирүүгө тиешелүү/тиешелүү эместигинин, бул жоболорду аткарбагандыгы үчүн

санкциялардын жана төлөө мөөнөтүнүн классификациясын аныктоону караган мыйзам долбоорун киргизүү тапшырмасы берилеген.

Учурда Эсептөө палатасы тарабынан, каржы бузууларынын классификаторунун долбоору иштелип чыккан, бүгүнкү күнү ал макулдашуу баскычында турат.

Тармактык принциптер боюнча аудит жүргүзүү үчүн бөлүмдөрдү түзүү менен катар, токтомду аткаруу алкагында, бюджеттик каражаттардын натыйжалуу чыгымдалышына контролду күчөтүү боюнча чаралар көрүлгөн. Атап айтканда, аудит башталганга чейин, аудит объектисин алдын ала изилдөө жүргүзүлөт, анын жыйынтыгы боюнча анын планы жана программасы түзүлөт. Көрсөтүлгөн бөлүмдөрдө аудиттин жыйынтыктары боюнча, аудиттин корутундуларына экспертиза жүргүзүлөт.

Ошондой эле, мамлекеттик сатып алууларда пайдаланылган бюджеттик каражаттардын чыгымдалышына контролдоо деңгээлин жогорулату максатында, Эсептөө палатасынын бир катар кызматкерлери милдеттүү түрдө экзамен берүү менен, тиешелүү окуулардан окушкан. Аудитти жүргүзүүнүн жүрүшүндө инспектор, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Эсептөө палатасы тарабынан бекитилген, Мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү боюнча колдонмону пайдаланат. Аудиттердин планына жана программасына мыйзамдардын, мамлекеттик программалардын жана башка укуктук-ченемдик актылардын сакталышы киргизилет. Алар боюнча аныкталган бузуулар, бузуулар классификаторунун өзүнчө тиркемесинде көрсөтүлөт жана корутундулары тиешелүү органдарга жөнөтүлөт.

Улутташтырылган объекттердин ишинин натыйжалуулугун баалоо боюнча аудит, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондго жүргүзүлгөн аудиттин алкагында жүргүзүлөт. Алар боюнча тиешелүү отчёттор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жөнөтүлөт.

Салык жана бажы төлөмдөрү боюнча берилген жеңилдиктердин негиздүүлүгү жөнүндө маселе, ошондой эле өлкө бюджетине алардын таасирин жана натыйжалуулугун баалоо, салык жана бажы органдарына, ошондой эле тиешелүү жылга карата республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит алкагында каралат.

Мындан сырткары, укук коргоо жана башка органдар менен өз ара аракеттенишүү боюнча иш туруктуу негизде жүрөт. Бул органдар менен өз ара аракеттенишүү жөнүндө тиешелүү макулдашуулар бар. Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча тиешелүү материалдар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган чараларды көрүү үчүн, укук коргоо органдарына берилет.

Каржы бузуулардын статистикасы автоматташтырылган. Статистикалык жана аналитикалык боюнча маалыматтар, Эсептөө палатасынын иши жөнүндө жыл сайынкы отчётко өзүнчө бөлүм менен киргизилет.

## 2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү

### 2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары

2017-жылы Эсептөө палатасы тарабынан **2 673 аудит объектисине** аудит жүргүзүлгөн, анын ичинен: бюджеттик мекемелерде - 1 884, чарба жүргүзүүчү объекттерде – 436, жана башка уюмдарда – 7, жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелер жана уюмдарда – 346.

Отчеттук мезгилге карата аудитордук иштин жыйынтыктары боюнча, бардыгы болуп **11 976,5 млн. сомго** каржы бузуулары, бюджеттин резервдери жана жоготуулары, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталган, анын ичинен: каржы бузуулары **2 153,7 млн. сом**, бюджеттин резервдери жана жоготуулары – **9 471,8 млн. сом** жана рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **351,0 млн. сом.**

Аныкталган каржы бузууларынын, бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасынан **2 594,1 млн. сом** кайтарылууга тийиш.

***Эсептөө палатасы тарабынан бюджеттин резервдери жана жоготуулары боюнча көрсөткүчтөр, ошондой эле рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар, натыйжалуулук аудитинин жыйынтыктарынын элементтери катары, бузуулардын классификаторуна киргизилгендигин жана көпчүлүк учурларда алар калыбына келтирилүүгө жатпай тургандыгын, белгилей кетүү керек.***

Кайтарылууга тиешелүү суммадан жалпысынан **2 011,9 млн.сом** калыбына келтирилген. Ошентип, калыбына келтирүү коэффициенти **78 пайызды** түзгөн.

***1-диаграмма. 2017-жылдагы аудитордук иштин жалпы жыйынтыгы, млн. сомдо***



## Каржы бузуулары

***Каржы бузуулары катары,*** ***бюджеттик, фискалдык мыйзамдарды, ошондой эле бухгалтердик эсепти жүргүзүүнү жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды бузуулардын бюджетке кайтарылууга тийиш болгон тиешелүү суммалары боюнча бузуулар эсептелет.***

2017-жылы жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасы, коомдук жана башка уюмдарда аныкталган каржы бузууларын камтуу менен **2 153,7 млн сомду** түзгөн. Аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасы, мурунку жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, 484,4 млн. сомго же 18 пайызга азайган.

Аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасынан, коомдук жана башка уюмдарда аныкталган каржы бузууларын камтуу менен, **758,9 млн. сом** (2016 ж. - 1 438,4 млн.сом) калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен **434,5 млн. сом (**2016 ж. - 1 114,2 млн.сом) калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү коэффициенти 60 пайызга жакынды түзгөн.

***2-диаграмма. Каржы бузуулары, млн. сомдо***




### *Каржы бузууларынын түзүмү*

Каржы бузууларынын жалпы суммасында, мамлекеттик органдардагы жана уюмдардагы каржы бузуулары - **1 297,9 млн. сомду,** коомдук жана башка уюмдардагы каржы бузуулары – **855,8 млн. сомду** түзгөн.

Мамлекеттик органдардагы жана уюмдардагы каржы бузууларынын түзүмдүк бөлүгү төмөндөгүдөй:

***1-таблица. Каржы бузууларынын түрлөрү боюнча (млн. сомдо)***

| Көрсөткүч | Сумма | %да |
|---|---|---|
| - Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 416,7 | 32% |
| - Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 385,0 | 30% |
| - Дебитордук жана ашырылган насыялык карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 182,1 | 14% |
| - Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 118,8 | 9% |
| - Мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу | 35,7 | 3% |
| - Бюджеттин башка деңгээлинде турган уюмдарга республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн каражаттар | 33,0 | 3% |

| | | |
|---|---|---|
| - Материалдык баалуулуктардын жана акча каражаттардын кем чыгуулары | 29,7 | 2% |
| - Материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 27,3 | 2% |
| - Акциялардын мамлекеттик пакетине дивиденддер | 20,0 | 2% |
| - Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысы | 19,7 | 2% |
| - Казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган каражаттар | 12,0 | 1% |
| - Жана башкалар | 17,9 | 1% |
| **Бардыгы** | **1 297,9** | **100%** |

Таблицадан көрүнүп тургандай, каржы бузууларынын жалпы суммасында 60тан ашык пайызды, эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр жана курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу ээлеген.

Талдоо көрсөткөндөй, эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр бөлүгүндөгү абдан көп бузуулар болуп, мыйзам менен каралбаган төлөмдөр менен ашык төлөөлөрдүн суммалары, эмгек акы боюнча тиешелүү жоболор жана штаттык жүгүртмөлөр менен бекитилген, ашырылган коюмдар жана кызмат акылары эсептелет.

*Эреже катары, тиешелүү мыйзам талаптарынан улам, эмге акы боюнча бузуулар кайтарылууга жатпайт.*

Курулуш-куроо иштерин жүргүзүүдө бузуулардын жыл сайын аныкталган олуттуу суммалары, жасалган иштердин наркынын, иштердин көлөмүнүн ашырылган суммаларын камтыйт.

Ошондой эле, ар бир аудитордук иш чаралардын жүрүшүндө аныкталган, дебитордук жана ашырылган насыялык карыздардын жашырылган суммалары, бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө начар контролдоо жөнүндө күбөлөндүрөрүн, белгилей кетүү керек.

Мамлекеттик органдарда жана уюмдардагы каржы бузуулары менен катар, **коомдук жана башка уюмдарда 855,8 млн. сомго каржы бузуулары** аныкталган. Негизинен, мындай уюмдарга өз ишин чарбалык негизде жүргүзгөн мамлекеттик ишканалар, ошондой эле мамлекеттин үлүшү 51 пайыздан ашыкты түзгөн акционердик коомдор кирет.

Бул объекттерде аудитордук иш чараларды жүргүзүүдө аныкталган, өтө көп бузуулар болуп, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, тиешелүү тастыктоочу документтери жок туруп, курулуш жана оңдоо иштерин жүргүзүү эсептелет. Мындан сырткары, көпчүлүк учурда ишканалар продукциялардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) өздүк наркын аныктоодо, коммуналдык кызматтарга тарифтерди түзүүдө, бул процессти жөнгө салуучу тиешелүү ченемдик-укуктук актылардын талаптарын бузууга жол беришет. Жылуулук жана электр энергияларын бекитилген лимиттерден ашык керектөө боюнча фактылар орун алган.

Ошондой эле, үчүнчү жак тарабынан келишим милдеттемелерин аткарбагандыктын натыйжасында түзүлгөн туумдардын, өндүрүлбөгөн карыздардын, ижара акысынын бир кыйла суммалары аудит тарабынан аныкталат.

## Мамлекеттик бюджеттин резервдери жана жоготуулары

***Бюджеттин резерви катары, мүмкүн болуучу кошумча каражаттар эсептелет, алар белгилүү бир иш чараларды аткарууда мамлекеттин бюджетине түшүшү мүмкүн.***

***Бюджеттин жоготуулары – өз убагында чаралар көрүлбөгөндүктөн жана аткарууга мүмкүнчүлүк болбогондуктан улам, мамлекеттик бюджетке түшпөй калган эсептик белгиленген суммалар.***

***Өзгөчөлүктөрдөн улам, көпчүлүк учурларда, резервдер жана жоготуулар калыбына келтирилүүгө жатпайт.***

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган мамлекеттик бюджеттин резервдери жана жоготуулары **9 471,8** млн. сомду түзгөн. 2016-жылга салыштырмалуу, бул көрсөткүч 3 767,5 млн. сомго, же 28,5 пайызга азайган.

Мамлекеттик бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын аныкталган жалпы суммасынан, **1 699,7 млн. сом** (2016 ж. – 2 508,9 млн.сом) калыбына келтирилүүгө тийиш. Бардыгы болуп **1 450,1 млн. сом** (2016 ж. – 1 926,9 млн.сом) калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү коэффициенти **85 пайызды** түзгөн.

***3-диаграмма. Мамлекеттик бюджеттин резервдери жана жоготуулары, млн. сомдо***




### *Аныкталган мамлекеттик бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын түзүмү*

Түзүмдүк бөлүмдө резервдер менен мамлекеттик бюджеттин жоготуулары төмөндөгүдөй көрүнөт:

***2-таблица. Бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын түрү боюнча, (млн. сомдо)***

| Көрсөткүч | Сумма | %да |
|---|---|---|
| - Башка резервдер жана жоготуулар | 8 833,3 | 93% |
| - Салык, бажы, жана башка төлөмдөр жана бюджеттин чыгымдар бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары | 202,5 | 2% |
| - Эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар | 200,9 | 2% |
| - Бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо | 86,3 | 1% |
| - Тарифтерди жана бааларды жогорулатуу | 82,8 | 1% |
| -Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдалышы | 66,0 | 1% |
| **Бардыгы** | **9 471,8** | **100%** |

Таблицада көрүнүп тургандай, аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын абдан көп үлүшүн “Башка резервдер жана жоготуулар” (93%) түзөт. Бул категорияда негизинен, бузуулардын башка категорияларында көрсөтүлбөгөн, резервдер менен жоготуулардын аныкталган суммасы көрсөтүлгөн.

8 833,3 млн.сомдун ичинен, негизги бөлүктү, 2016-жылга республикалык бюджетин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча белгиленген, резервдер жана жоготуулар ээлейт.

Мисалы, бюджет алдында карызы бар айрым мекемелердин жоюлушуна байланыштуу пайда болгон, 4 044,3 млн.сомго бюджеттин жоготуусу аныкталган. Алсак, “Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, тиешелүү каттоо органдарынан каттоону алып салуу жана жоюу жолу менен, мекемелер банкротко учураган учурда, карызды талап кылуу укугу токтотулууга тийиш.

Ошондой эле, 839,9 млн.сомго бюджеттин резервдери аныкталган, 2016-жылдын аягында пландалган көлөмдөн ашыкча келип түшкөн, мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу жана жайгаштыруудан улам каражаттар, “2016-жылга республикалык бюджет жана 2017-2018-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүдө эсепке алынбаган каражаттар. Бул болсо, бюджеттик жылдын аягында мамлекеттик карыз алуулар боюнча мүмкүн болуучу келип түшүүлөрдү эсепке алуу менен, бюджеттин бекитилген параметрине өзгөртүүлөрдү киргизүү жана пландоо сапатын жакшыртуу зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрөт.

Айрым мамлекеттик органдардагы атайын каражаттар түрүндө, 267,3 млн.сомго аныкталган бюджеттин резервдери, аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген.

## Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар

***Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын* категориясына, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө каржы бузууларынын, каржылоодо эсепке алынбаган, жыл аягында бюджеттик мекемелердин кассаларындагы накталай акча каражаттарынын калдыктарынын,**

***товардык-материалдык баалуулуктардын чегерилбеген ченемден ашык корлорунун, пландалган максаттарына жетпеген, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган мамлекеттик каражаттардын аныкталган суммалары кирет.***

Отчёттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан **351,0 млн. сомго** рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталган. Өткөн жылга салыштырмалуу, бул көрсөткүч 517,3 млн. сомго азайган.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан **135,5 млн. сом** (2016 ж. – 165,1 млн.сом) калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен **127,3 млн. сом** (2016 ж. – 151,5 млн.сом) калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **94 пайызды** түзгөн.

***4-диаграмма. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар, млн. сомдо***




***Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын түзүмү***

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган суммасы төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн:

***3-таблица. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын түзүмү (млн. сомдо)***

| Көрсөткүч | Сумма | %да |
|---|---|---|
| - Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттар | 258,3 | 73% |
| - Пландалган максатына жетпестен чыгымдалган каражаттар | 78,2 | 23% |
| - Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү бузуулар | 10,3 | 3% |
| - Жылдын аягында мекемелердин кассаларындагы бюджеттик накталай каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары | 4,2 | 1% |
| **Бардыгы** | **351,0** | **100%** |

Келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасындагы негизги үлүштү, аудиттин тиешелүү мезгилинин аягына карата, товардык-материалдык баалуулуктардын

ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттар түзгөн. Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлорунун жана эсептердеги каражаттардын жыл сайын аныкталган калдыктары, мамлекеттик бюджетти башкы тескөөчү тарабынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын аткарылышын начар контролдоо жөнүндө күбөлөндүрөт.

Мындан сырткары, пландалган максатына жетпей калган, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган каражаттардын бир кыйла суммалары, тигил же бул мамлекеттик органдын жоопту адамдары тарабынан, каражаттардын чыгымдалышына, иштин пландалышына талаптагыдай контролдоонун жоктугун көрсөтөт.

Ошондой эле, мамлекеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланууга жана "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын сакталбагандыгына алып келет. Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсү, коррупциялык тобокелдиктин жогорулатылган деңгээлиндеги аймактардын бири болуп эсептелет.

## Мүнөздүү бузууларды талдоо

Тигил же бул болгон бузууларды жана аларды кыскартуу, алдын алуу боюнча чараларды көрсөтүү менен, Эсептөө палатасы тарабынан аудит объектилеринин дарегине жолдогон жазма буйруктарга карабастан, акыркы жылдарга карата бузуулардын түрлөрү боюнча динамика, ар бир мамлекеттик органдар үчүн бузуулардын болгондугун көрсөтөт.

Алсак, мындай бузуулардын бири болуп, эмгек акыларды негизсиз төлөөдөгү бузуулар эсептелет, ал өзүнө ашыкча төлөөнү жана негизсиз төлөөлөрдү гана эмес, колдонуудагы эмгек акы тутумундагы тиешелүү мыйзамдардын ченемдерин бузуу фактыларын дагы камтыйт. Отчёттук жылы 617,5 млн. сомго мындай түрдөгү бузуулар аныкталган. Абдан ири суммалар билим берүү тутумунда аныкталган – 132,6 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматында – 26,2 млн. сом жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда – 14,5 млн. сом. Мындан сырткары, шаарлардын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудитте, 246,1 млн. сомго ашыкча төлөө жана негизсиз төлөөлөр аныкталган, жергиликтүү бюджетте турган башкаруу органдары – 42,9 млн. сом, анын ичинен, эмгек акыны төлөөдөгү бузуулар – 15,7 млн. сом.

Салык жана бажы мыйзамдары жаатында аныкталган бузуулар суммасы, салык жана бажы төлөмдөрү боюнча бюджеттин аныкталган эсептик жоготууларын камтуу менен, отчёттук жылы 321,3 млн. сомду түзгөн. Салык жана бажы мыйзамдарын так сактоо, мамлекеттик бюджеттин кирешe бөлүгүн көбөйтүүгө алып келет, б.а. бул суммалар, талаптагыдай контролдоо деңгээлинде, мамлекеттин бюджетин толтуруу үчүн резерв болуп эсептелет.

Капиталдык салым каражаттарын өздөштүрүү чөйрөсүндө аныкталган бузуулардын суммалары олуттуу аткарылбаган курулуш-куроо иштерине төлөө же наркын ашыруу фактылары, бүгүнкү күнү тутумдуу мүнөзгө ээ. Мындай түрдөгү бузуулардын негизги бөлүгү, транспорт тутумуна туура келет.

Алсак, 2017-жылы бул тутумдагы курулуш-куроо иштеринин ашырылган көлөмүнүн суммасы 226,3 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, Балыкчы–Тамчы–Корумду автомобиль жолун капиталдык оңдоо боюнча – 125,9 млн. сом, Бишкек-Нарын-Торугарт жолу – 76,4 млн. сом, Бишкек – “Манас” Эл аралык аэропорту” автомобиль жолу - 23,1 млн. сом. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинде мындай түрдөгү бузуулар 45,7 млн. сомду түзгөн. Айыл округдарынын жана жергиликтүү бюджеттен каржыланган башка мекемелердин бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудитте, курулуш иштерин ашыруу, бүтүндөй 65,9 млн.сомду түзгөн.

Ошондой эле, бюджеттик сметаларды түзүү этабында мамлекеттик органдардын ишинин начардыгы, товардык-материалдык баалуулуктардын жана эсептердеги каражаттардын калдыктарынын аныкталган бир кыйла суммаларына алып келет. 2017-жылы бул көрсөткүч 258,3 млн. сомду түзгөн, анын ичинен негизгилери төмөндөгүлөрдө аныкталган: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда - 68,7 млн. сом, Кыргыз Республикасы Билим берүү жана илим министрлигинде – 56,0 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинде – 34,4 млн. сом жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде – 24,5 млн. сом.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн бузуулардын мүнөзү, Эсептөө палатасы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан мамлекеттик каражаттардын чыгымдалышына контролду күчөтүү, бүтүндөй мамлекеттик органдарда финансылык тартиптин деңгээлин жогорулатуу зарылдыгы жөнүндө билдирет. Эсептөө палатасы өз кезегинде, каржы бузууларын алдын алуу жана профилактикалоого багытталган ишин улантат. Бүгүнкү күнү Эсептөө палатасы тарабынан, жөнөтүлгөн жазма буйруктардын аткарылышына мониторинг жүргүзүлүүдө, аудит объектилеринин жооптуу адамдарынын катышуусу менен, жазма буйруктардын аткарылышы боюнча маселени кайрадан кароо практикалануда. Жазма буйруктарды аткарбаган учурда, Эсептөө палатасы тиешелүү мыйзам алкагында жооптуу адамдардын жоопкерчилиги жөнүндө маселени алып чыгуу укугун өзүнө калтырат.

## Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит

### *Шаарлардын бюджеттеринин аткарылышы*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 124-беренесине ылайык, жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына аудит Эсептөө палатасы тарабынан эки жылда бир жолу жүргүзүлөт.

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан 7 шаардын (Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Таш-Көмүр, Талас жана Шопоков) жана 319 айыл округдарынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудиттер жүргүзүлгөн.

Жогоруда аталган шаарлардын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит тарабынан **247,2 млн. сом** суммасында каржы бузуулары аныкталган. **38,2 млн. сомго** бюджеттин жоготуулары жана резервдери аныкталган. Андан сырткары, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын суммасы **1,3 млн.сомду** түздү.

Аныкталган каржы бузуулары, Бишкек (246,2 млн. сом) жана Талас (1,0 млн. сом) шаарларынын бюджеттеринин аткарылышына аудит жүргүзүүдө аныкталган, алар эмгек акыны ашыкча жана негизсиз төлөө бөлүгүндөгү бузуулар болуп эсептелет.

Жергиликтүү бюджеттин каражаттарын үнөмдөө эсебинен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык кызматкерлеринин эмгек акыларына карата үстөк акыларды кошумча белгилөөдөн жана штаттан тышкаркы бирдиктерди кармоодон улам пайда болгон бюджеттин жоготуулары, Ош (22,2 млн. сом) жана Жалал-Абад (16,0 млн. сом) шаарларынын бюджеттеринин аткарылышына аудит жүргүзүүдө аныкталган.

1,3 млн. сомго рационалдуу эмес пайдаланылган бюджеттик каражаттар, бюджеттик мекемелердин эсептериндеги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлорунун болушунан улам, Ош шаарынын бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган, ал кийинки каржылоодо толугу менен калыбына келтирилген.

Баткен, Таш-Көмүр жана Шопоков шаарларынын бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, олуттуу бузуулар аныкталган эмес.

Эреже катары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, эмгек акы бөлүгүндө жол берген бузуулар калыбына келтирилүүгө жатпайт.

Мында, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан мындай бузууларга жол бербөө жана тиешелүү жооптуу адамдардын жоопкерчилигин кароо боюнча тиешелүү чараларды көрүү зарылдыгы жөнүндө жазма буйруктар жөнөтүлгөн.

### *Айыл округдарынын бюджеттеринин аткарылышы*

Айыл округдарына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасы **84,2 млн. сомду** түзгөн, анын ичинен, **79,4 млн.сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. Отчёттук мезгилдин аягында бюджетке **58,4 млн. сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү коэффициенти 74 пайызды түзгөн.

Негизги каржы буузулар болуп, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу, эмгек акыларды негизсиз төлөө, материалдык баалуулуктарды жана акча суммаларын негизсиз эсептен чыгаруу, дебитордук жана ашырылган насыялык каражаттарды эсепке алуу боюнча жашыруулар ж.б. эсептелет.

Аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары **40,4 млн.сомду** түзгөн.

Аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын негизги үлүшүн, товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары, Айыл чарба жерлерин кайрадан бөлүштүрүү фондусунун жерлерин пайдаланылбагандыктан улам, колдон чыгарылган пайдалар ж.б. түзөт.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасы **3,5 млн. сомду** түзгөн, анын негизги бөлүгүн, пландалган максатына жетпестен, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган каражаттар түзөт.

## Жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышынын толуктугун талдоо

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, Эсептөө палатасынын жазма буйругу милдеттүү түрдө аткаруу болуп эсептелет жана эреже катары, каржы бузуларынын, калыбына келтирүүгө тиешелүү суммаларын, каражаттарды чыгымдоодогу аныкталган кемчиликтерди четтетүү сунуштарды жана ченемдик-укуктук актылардагы карма-каршылыктарды, тигил же бул бузууларга жол берген жооптуу адамдардын жоопкерчилигин кароо жөнүндө сунуштарды камтыйт.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, айрым учурларда, аудит объектисинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн дарегине тиешелүү сунуштар жөнөтүлөт.

2017-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча жалпы **1 073,3 млн. сом** суммасындагы **1 297 жазма буйруктар жана 79 сунуштар** жөнөтүлгөн, анын ичинен, **554,5 млн. сом** республикалык бюджетке кайтарылууга тийиш.

Жөнөтүлгөн жазма буйруктардын жалпы санынын ичинен, 886 жазма буйрук толугу менен аткарылган же жөнөтүлгөндөрдүн жалпы санынан 68,3 пайыз, 230 жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган же 17,7 пайыз, 102 жазма буйрук боюнча аткаруу мөөнөтү баштала элек, 79 жазма буйрук аткарылган эмес.

***5-диаграмма. 2016-2017-жылдарга жазма буйруктардын аткарылышы***



Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон жалпы суммадан бардыгы болуп **414,3 млн. сом** же 38,6 пайыз калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү пайызынын төмөндүгү, Эсептөө палатасы тарабынан көрүлгөн чараларга карабастан, жазма буйруктарды аткаруунун көпчүлүк учурунда, аныкталган каржы бузууларынын суммаларын бюджетке кайтарууга тиешелүү пункттар аткарылбастан кала берет.

Аудит объектиси тарабынан аткаруу тартибин жогорулатуу максатында, жазма буйруктарды аткаруу маселеси, аудит объектилеринин жооптуу кызматтагы адамдарынын катышуусу менен, Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан дайыма каралат.

Ошондой эле, чарба жүргүзүүчү субъекттерде жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча отчёттордун долбоорун кароодо, Эсептөө палатасынын Кеңешинин отурумуна Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусунун жана "Улуттук энергетикалык Холдинг компаниясы" ААКсынын өкүлдөрү чакырылат.

Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун аудит объектиси тарабынан аткарылышы жөнүндө маалымат, текшерилген аудит объектиси боюнча жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын жыйынтыктары жөнүндө отчётко киргизиле тургандыгын, белгилей кетүү керек. Мындан сырткары, жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышынын толуктугу жөнүндө маалымат, ар бир жарым жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жөнөтүлөт. Ошондой эле, квартал сайын Эсептөө палатасы тарабынан, Финансы министрлиги менен түзүлгөн макулдашуунун негизинде, республикалык бюджетке кайтарылган бузуулар суммалары боюнча маалыматтарга салыштыруу жүргүзүлөт.

Бирок, көрүлгөн чараларга карабастан, аудит объекттеринин аткаруу тартиптери начар бойдон калууда. Жогоруда көрсөтүлгөндүн себеби болуп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жогору турган органдар тарабынан тиешелүү түрдө контролдоонун жоктугу болууда, бул болсо, аудит объекттеринин жетекчилерине бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликтен качууга мүмкүнчүлүк берет.

Алсак, 2017-жылы Эсептөө палатасы жүргүзгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 3 адам ээлеген кызматынан бошотулган жана 130 адамга административдик жаза берилген.

2017-жылы аудиттердин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн дарегине 15 сунуш жөнөтүлгөн, анын ичинен, бюджеттик, фискалдык жана укуктук мыйзамдарды жана алардын саясатын жакшыртуу боюнча камтылган сунуштар.

### 2.2. Республикалык бюджеттин, Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги жыйынтыктары

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы отчеттук мезгилге карата республикалык

бюджеттин, Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына аудит жүргүзөт.

***<u>Республикалык бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит</u>***

Республикалык бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, бардыгы болуп 6,4 млн.сомго каржы бузуулары аныкталган, анын ичинен: дем берүүчү гранттардын эсебинен курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу - 5,5 млн.сом, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 0,3 млн.сом, дебитордук карызды эсептөө боюнча жашыруулар – 0,6 млн.сом.

5 868,7 млн. сомго бюджеттин резервдери жана жоготуулары аныкталган, анын ичинен 294,9 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш. 293,0 млн. сом калыбына келтирилген

Мындан сырткары, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар (Товардыкматериалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептердеги каражаттар) 3,5 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, калыбына келтирилүүгө тишелүү болгон 3,5 млн. сом, аудиттин жүрүшүндө факты жүзүндө калыбына келтирилген.

Аудит тарабынан, республикалык бюджеттин түзүлүшүндө жана аткарылышында төмөндөгүдөй көйгөйлөр белгиленген:

- ✓ сапатсыз бюджеттик пландоого талаптагыдай жоопкерчиликтин жоктугу;
- ✓ мамлекеттик органдар тарабынан стратегиялык жана программалык документтердин макулдашылбагандыгы;
- ✓ бир кыйла көбөйүү менен, өткөн жылдын деңгээли боюнча бюджетти түзүү практикасынын сакталышы;
- ✓ бюджет чыгымдарын көбөйтүүнү талап кылган, улуттук стратегиялар, ар кандай мамлекеттик өнүгүү программалары маселелеринин чыгымдар бөлүгүндө каржылоонун жоктугу.

Кассалык пландоону жайылтуу менен, айрым бюджеттик мекемелердин кызыкчылыгында чыгымдарды жүргүзүү боюнча тобокелдиктер жарым-жартылай алынып салынган. Ошол эле учурда, кошумча кассалык пландарды бекитүү эсебинен, чыгымдар практикасы кала берген. Кассалык пландарды аткаруу 80-90%га жүргүзүлгөн, бул болсо, башкы тескөөчүлөрдө жана бюджеттик каражаттарды алуучуларда, кийинки айга өткөн бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктарынын пайда болушуна алып келген.

Эсептөө палатасы тарабынан, кассалык план менен иштөө боюнча мамлекеттик органдардын финансы-экономикалык кызматтардын кызматкерлерин тиешелүү окутуу боюнча иштерди улантуу сунушталган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан, министрликтер менен ведомстволордун чыгымдарын оптималдоо жыйынтыгы боюнча, бөлүнгөн акча каражаттары 3,9 млрд. сомго азайтылган, аудиттин пикири боюнча , факты жүзүндө аларды кыскартуу жүргүзүлгөн.

Программалык бюджетти долбоорлоодо, министрликтер менен ведомстволордун жасалма мамилелери белгиленген. Бюджеттик

программалардын, программалык максаттардын, милдеттердин, көрсөткүчтөрдүн сапатын жакшыртуу, сапатсыз пландалгандыгы үчүн, жетекчилердин жана жооптуу адамдардын жоопкерчилигин жогорулатуу жана натыйжаларга жетүү зарыл, анын ичинен, жергиликтүү деңгээлде.

Өз учурунда болбогондуктан (трансферттерди кеч алгандыктан) пайдаланылбаган каражаттардын 49,6 млн. сомго калдыгы пайда болгон, ал өздөштүрүлбөстөн туруп, жылдын аягында республикалык бюджетке кайтарылган.

***Мамлекеттик инвестициялар боюнча***

Аудит мамлекеттик инвестициялардын натыйжалуулугунун төмөндүгүн констатциялайт, ал жерде мамлекеттик программага бөлүнгөн каражаттар, пландалган параметрлерге жеткен эмес. Тышкы каржылоо боюнча өнүгүү бюджетин аткаруу, гранттарды эсепке алуу менен 86,1%, ички каржылоо 83,8% түзгөн.

Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн отчётуна ылайык, донорлордун эсептеринен алынган каражаттардын бардыгы эле чыгымдалбайт. 2016-жылдын аягында долбоорлордун эсептериндеги каражаттардын калдыгы 1,0 млрд. сом сомду түзгөн.

Долбоорлордун бюджеттерин кыскартуунун негизги себеби болуп, көпчүлүк долбоорлор боюнча сатып алуулар планына ылайык, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана жумуштарды сатып алууну жүргүзүүнүн камсыздалбашы эсептелет.

***Мамлекеттик карыз боюнча***

2016-жылдын аягында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы 281,4 млрд. сомду (4,1 млрд. АКШ долл.) түзгөн, анын ичинен, мамлекеттик тышкы карыздын салыштырма салмагы - 92,1%. ИДПга карата мамлекеттик карыздын үлүшү 61,4%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу ИДПга карата жана чыгымдардын жалпы көлөмүндө мамлекеттик карыз боюнча төлөмдөрдүн салыштырма салмагынын өсүүсү белгиленген.

5,1 млрд. сомго мамлекеттик казыналык облигацияларды кошумча чыгаруудан, 60%дан ашыгы чет өлкөлүк валютада чыгарылган. Узак мөөнөттүү келечекке чет элдик валютада мамлекеттик казыналык облигацияларды чыгаруу жана жайгаштыруу практикасы, республикалык бюджетке кошумча күч келүү тобокелдигине алып келет.

***Капиталдык салымдар боюнча***

Акыркы жылдары курулуш объектилер тизмесине бир нече жолу, негизсиз өзгөртүүлөрдү киргизүү практикасы түзүлгөн.

Объекттерди каржылоого каралган 925,6 млн. сомдун ичинен, 110,0 млн.сом объекттердин долбоорлоо-сметалык документтеринин наркын жана аталыштарын көрсөтпөстөн, социалдык объекттерди долбоорлоого киргизилген.

2016-жылы аягына чыгарылбаган курулуш объектилеринин көлөмүнүн өсүүсү белгиленген. Бюджеттик ресурстардын чектелүүсүнөн улам, аяктоо үчүн 2,3 млрд. сом өлчөмүндө жалпы керектөө менен, социалдык-экономикалык маанидеги 62 объект, баардыгы 433,3 млн.сомго же 18,8%га каржыланган. Алсак, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы Турак жай-

жарандык курулуш департаментине (мындан ары – ТЖЖКД) жүргүзүлгөн аудит, курулушу аягына чыгарылбаган 34 объект бар экендигин көрсөткөн, алар капиталдык салымдар объекттеринин тизмесине кирген эмес.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан берилген маалыматты эске алуу менен, ТЖЖКДда жүргүзүлгөн аудит тарабынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 11-июнундагы №387 "Жалпы билим берүү мектептеринин негизги техникалык көрсөткүчтөрүн бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине бир окуучу эсебинен жайлардын аянттары жана мектеп комплексинин участкасынын жалпы аянты боюнча, жалпы билим берүү мектептеринин сыйымдуулугу боюнча баштапкы техникалык көрсөткүчтөр менен, жалпы билим берүү мектептеринин типтүү долбоорлорун иштеп чыгуу жана бекитүү тапшырылгандыгы аныкталган.

Мектеп мекемелеринин наркын ченемге салуу бөлүгүндө, ТЖЖКД өзүнүн ченемдик актыларын аткарууга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан талаптагыдай контролдоонун жоктугу, ар кандай сметалык нарк менен, бирдей кубаттуулуктагы мектептердин болушуна өбөлгө болгон. Мында, ТЖЖКД тарабынан бирдей кубаттуулуктагы мектептердин сметалык наркында олуттуу айырмачылыктар боюнча эч кандай рекламация, каршы пикирдин жоктугу белгиленген.

Аудиттин пикири боюнча, республикада мектептерди курууда бекитилген типтүү долбоорлорду өз учурунда колдонгон учурда, аларга чыгымдар 40-60%га азаймак.

Аудиттин жыйынтыктары боюнча, Эсептөө палатасы тарабынан тиешелүү мамлекеттик органдарга жазма буйруктар жана сунуштар берилген.

***Бюджеттик насыялоо боюнча***

Энергетикалык тармактын чарба жүргүзүүчү субъектилери боюнча көптөгөн реструктуризациялар жүргүзүлгөн, ошондой эле алардын финансылык көрсөткүчтөрү начарлоо тенденциясында, бюджеттик пайызсыз ссудалар берилген. Алар карызды өз убагында төлөбөй калуу, бул тармактагы карыздын көлөмүнүн ашыкча көбөйүшү тобокелдиктерин түзөт, бул болсо, мамлекеттик зайым каражаттарынын кайтарылбай калышына алып келет.

Мөөнөтү өткөн 5,3 млрд. сом карыздын ичинен, 147,4 млн. сомду төлөө мүмкүнчүлүгү бар. Алсак, айрым ишканалар боюнча 4,0 млрд. сомдук талап укуктары, аларга болгон банкроттук жол-жоболор аяктап алардын жоюлушуна жана тиешелүү каттоо органдарындагы каттоодон алып салынгандыгына байланыштуу, токтотулууга тийиш.

2016-жылы бюджетке төлөмдөр боюнча колдогу карыздарды төлөө үчүн, чарба жүргүзүүчү субъекттерге бюджеттик ссудаларды берүү практикаланган, анын суммасы 950,0 млн. сомду түзгөн. Эсептөө палатасы тарабынан сунуштар иштелип чыгып, алар ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүүгө, аудит объектисинин ишин уюштурууну жакшыртууга жана бюджеттик каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышын жогорулатууга багытталган. Бул аудит боюнча отчёт Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине белгиленген мөөнөттө жөнөтүлгөн.

***Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит***

2016-жылга Социалдык фонддун бюджети “Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду” жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзүлгөн, анын долбоору жыл сайын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары – ММКФ) жана Өкмөт тарабынан аныкталган Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондусунун каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укуктуу органдын (мындан ары – ЭДЧФ) катышуусу менен иштелип чыгат жана мамлекеттик социалдык камсыздандырууларды башкаруу боюнча Байкоочу кеңеш менен макулдашылат (мындан ары – Байкоочу кеңеш) жана белгиленген тартипте Өкмөттүн кароосуна жөнөтүлөт.

Баштапкы бюджет Социалдык фонддун каражаттарынын 602,5 млн. сом суммасындагы чектелген профицити алдында, кирешелер боюнча 42 885,5 млн. сом жана чыгымдар боюнча 42 283,0 млн. сом суммасында бекитилген.

Такталган бюджет Соцфонддун каражаттарынын 1180,8 млн. сом .суммасындагы чектелген профицити алдында, кирешелер боюнча 43 699,4 млн. сом суммасында жана чыгымдар боюнча 42 518,6 млн. сомо суммасында бекитилген.

2016-жылга Соцфонддун жалпы кирешеси 44 700,4 млн. сомду түзгөн, бул болсо, такталган бюджеттен (43 699,4 млн. сом) 102,3 %ды түзгөн.

2016-жылга Соцфонддун жалпы чыгымдары 42 312,3 млн. сомду түзгөн, бул болсо, такталган бюджеттен (42 518,6 млн. сом) 99,5 %ды түзгөн.

2016-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, 4,7 млн. сом суммасында каржы бузуулары аныкталган (анын ичинен 2,8 млн. сом калыбына келтирилген) анын ичинен:

- Каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кем чыгуулар 1,7 млн. сом суммасында, анын ичинен:

- дебитордук карыздарды эсепке алуу боюнча 1,7 млн. сомго жашыруулар, ал аудиттин жүрүшүндө салыштыруу актысын түзүү жолу менен, толук калыбына келтирилген.

- Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер 3,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен 1,1 млн. сом калыбына келтирилген.

33,8 млн. сом суммасында бюджеттин резервдери жана жоготуулары (республикалык бюджеттин жана Социалдык фондун бюджетинин) аныкталган (анын ичинен 26,3 млн. сом калыбына келтирилген) анын ичинен:

- жер үлүштөрүнө ээ болгон, юридикалык жактарды түзбөгөн жеке дыйкан-фермер чарбаларынын камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жеткире кошуп эсептелбеген суммасы 27,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен 19,9 млн. сом калыбына келтирилген;

- Кыргызстан кесиптик бирликтер Федерациясы тарабынан Социалдык фонддун топтолгон эсебине акча каражаттарын туура эмес чегерүүдөн улам, Соцфонддун Топтолгон балансы боюнча, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондусу менен эсептешүү менен, “Башка кыска мөөнөттүү милдеттемелер”

эсебинде 6,4 млн. сом суммасындагы насыялык карыздын такталбаган суммасы пайда болгон, анын ичинен: 2016-жылы – 5,4 млн. сом жана 2017-жылдын I кварталында – 1,0 млн. сом. Такталбаган сумма аудиттин жүрүшүндө Кыргызстан кесиптик бирликтер Федерациясынан республикалык бюджеттин кирешелерине чегерилген.

- камсыздандыруу төгүмдөрүнүн салык калдыктарынын суммасына, ар бир мөөнөтү өткөн күн үчүн 0,1% өлчөмүндө, бардыгы болуп 0,2 млн. сом кошуп эсептелген.

***<u>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда бюджеттик, атайын жана башка каражаттардын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудит</u>***

2016-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, 37,9 млн. сомго каржы бузуулары аныкталган, анын ичинен, акча каражаттарынын жана товардык-материалдык баалуулуктардын кем чыгуусу – 1,8 млн. сом, каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кем чыгуулар - 35,4 млн. сом, бюджеттин кошумча кирешелери – 0,4 млн. сом, Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер – 0,3 млн. сом. Аныкталган суммалардын 24,7 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш, анын ичинен бүгүнкү күнү ишканага 10,1 млн. сом калыбына келтирилген.

Каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар, кем чыгуулар, төмөндөгүлөр менен байланыштуу:

- 14,5 млн. сом суммасында эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр, анткени, жумушчу ордуларына аттестация өткөрүлбөстөн туруп, эмгектин өзгөчө шарттарындагы иштердин тизмесине кирбеген, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн, 25% өлчөмүндө үстөк акыларды төлөөгө жол берилген, аралаш кабыл алуу үчүн 15% өлчөмүндө үстөк акы негизсиз кошуп эсептелген ж.б.;

- тастыктоочу документтери жок туруп, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу - 3,2 млн. сом, анын ичинен калыбына келтирилгени – 2,8 млн. сом;

- курулуш-куроо иштерин 13,1 млн. сомго ашыруу аныкталган, анын ичинен калыбына келтирилгени – 1,3 млн. сом.

*Курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу боюнча аудиттин материалдары, укуктук баа берүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматына жөнөтүлгөн.*

- дебитордук арыздарды эсепке алуу боюнча 5,3 млн. сомго жашыруулар аныкталган, анын ичинен эсепти оң доо менен 4,6 млн. сом калыбына келтирилген.

Мындан сырткары, 24,7 млн. сомго резервдер жана бюджеттин жоготуулары аныкталган, анын ичинен 1,8 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш, калыбына келтирилгени -1,0 млн. сом.

Коммуналдык кызматтарды жана күйүүчү-майлоочу майларды лимиттен ашык керектөөнүн жана тамак-аш ченемдерин ашыруунун эсебинен,

12,9 млн.сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары аныкталган.

Бюджеттик мекемелерде ашыкча каржыланган деген бузуулар боюнча 6,0 млн.сом аныкталган, анын ичинен, иштеп тапкан кирешелерден сырткары ашыкча каржыланган.

Бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары – 3,3 млн. сом, анын ичинен, сметадан сырткары келип түшкөн кирешелер, ижарачылардын коммуналдык кызматтары үчүн төлөө жана дарылоо-диагностикалык процедуралардан өтүү үчүн, негизсиз жеңилдиктерди берүү.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – 69,2 млн сом, анын ичинен негизгилери: товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору – 65,4 млн сом жана алыш-бериш эсептериндеги каражаттар - 3,3 млн. сом, анын ичинен бюджеттик каражаттар - 58,0 млн. сом.

## 2.3. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш-чаралардын жыйынтыктары

***Евразиялык экономикалык биримдик (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан өткөрүлгөн, биргелешкен контролдук иш чаралар***

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2016-жылы тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бюджеттеринин кирешелерине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколдун сакталышы боюнча биргелешкен контролдук иш чаралардын жетекчиси болуп эсептелген.

Контролдук иш чараларды өткөрүү негизи болуп, ЕАЭБ мүчө мамлекеттери кол койгон, тыштан келтирилген бажы алымдарынын (жана башка алымдар, эквиваленттик аракетке ээ салыктар жана жыйымдар) суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бюджеттеринин кирешелерине чегерүү тартиби жөнүндө Протокол (Евразиялык экономикалык биримдик жөнүндө Келишимге карата №5 тиркеме) эсептелет, Биримдиктин бажы аймагына тыштан келтирилген товарларга карата төлөө боюнча милдет, 2010-жылдын 1-сентябрынан тартып пайда болгон.

Тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бюджеттеринин кирешелерине чегерүү тартиби жөнүндө Протокол менен, республикалар үчүн төмөндөгүдөй бөлүштүрүү ченемдери аныкталган: Армения – 1,11%, Беларусь – 4,56%, Казакстан – 7,11%, Кыргызстан – 1,9%, Россия Федерациясы – 85,32 %.

2017-жылы биргелешкен биргелешкен контролдук иш чаралардын максаты болуп, төмөндөгүлөр эсептелген:

- ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин ар бири үчүн белгиленген, тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүү ченемдеринин, ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин эсебине аларды өз учурунда жана толук чегерүүнүн сакталышы;

- ЕАЭБга тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү тартибинин иштөө жыйынтыгын талдоо.

Текшерүү объектилери болуп, мүчө мамлекеттердин Финансы министрликтери жана алардын казыналыктары эсептелген.

Кошумча маалымат Евразиялык экономикалык комиссия, мүчө мамлекеттердин Кирешелер жана бажы кызматтары боюнча комитеттери тарабынан берилген.

ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бюджеттерине келип түшкөн тыштан келтирилген бажы алымдарынын жалпы суммасы 2016-жылга 9,8 млрд. АКШ долларын түзгөн, же 2015-жылга салыштырмалуу 7,4%га азайган.

Тыштан келтирилген алымдарды төлөө эсебине 141,1 млн. АКШ доллары чегерилген. 2015-жылга салыштырмалуу, чегерүү суммасы 18,3 %га азайган.

ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бөлүштүрүлбөгөн эсебине, 18,4 млн. АКШ долларында тыштан келтирилген алымдар чегерилген, бул болсо 2015-жылга салыштырмалуу 44,7%га аз.

Төлөөчүлөргө ашыкча төлөнгөн (өндүрүлгөн) бажы алымдарынын 120,7 млн. АКШ долларындагы суммасы кайтарылган. 2015-жылга салыштырмалуу, кайтаруу көлөмүнүн азайышы 33,5%ды түзгөн.

Биргелешкен контролдук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча төмөндөгүлөр белгиленген. 2016-жылы ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан, тыштан келтирилген бажы алымдарынын келип түшүүлөрүн обочолонгон эсептөө, белгиленген ченемдерге ылайык аларды бөлүштүрүү боюнча Протокол ченемдерин жана тартибин сактоо камсыздалган.

2016-жылы Армения Республикасында 2012 -2014-жылдары импорттолгон товарлар боюнча, 95 млн. драм суммасындагы туумдар жана тыштан келтирилген бажы алымдары, бөлүштүрүлбөгөн эсепке чегерилген.

Кыргыз Республикасында 2016-жылы 13,7 млн. сом суммасындагы тыштан келтирилген бажы алымдары, товарлар үчүн бөлүштүрүлбөгөн эсепке төлөнгөн, 2010-жылдын 1-сентябрынан тартып төлөө милдети пайда болгон.

Бул фактылар боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан, Биримдикке мамлекеттер киргенге чейин, бирок ЕАЭБде көрсөтүлгөн өлкөлөр болгон мезгилде эсептерге келип түшкөн жана 2010-жылдын 1-сентябрынан кийинки мезгилде импорттолгон товарлар боюнча тыштан келтирилген бажы алымдарын чегерүү жана бөлүштүрүү тартибине түшүндүрмө берүү жөнүндө Евразиялык экономикалык комиссияга суроо-талап жөнөтүлгөн.

Тиешелүү түшүндүрмө алынгандан кийин, бөлүштүрүлбөгөн эсепке төлөнгөн бажы төлөмдөрүнүн суммаларын белгиленген текшерүүдө, Протоколдун жоболорун сактоо боюнча чаралар көрүлөт.

Казакстандын ыйгарым укуктуу органы тарабынан, 2014-2016-жылдардагы жалпы 4,2 млрд. тенге суммасындагы тыштан келтирилген бажы алымдарын бөлүштүрбөөнүн натыйжасында, тыштан келтирилген бажы алымдарын чегерүү жана бөлүштүрүү тартиби бузулган, 2010-жылдын 1-сентябрынан тартып төлөө милдети пайда болгон.

Казакстан Республикасынын Улуттук экономика министрлиги бул маселе боюнча ЕАЭБ сотуна кайрылган.

Армения Республикасынын Контролдоо палатасынын, Беларусь Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин, Казакстан Республикасынын Республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча Эсептөө комитетинин, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын коллегиясынын (ыйгарым укуктуу адамдардын кеңеши) 2017-жылдын 30-ноябрындагы биргелешкен отурумунда өткөрүлгөн иш чаралардын жыйынтыктары боюнча, ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик органдарына тиешелүү сунуштар берилген.

Мындан сырткары, 2017-жылдагы ЕАЭБ органдарындагы **тышкы аудит жүргүзүү (контролдоо) программасына жана планына ылайык,** топтун курамындагы Армения Республикасынын Контролдоо палатасынын, Беларусь Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин, Казакстан Республикасынын Республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча Эсептөө комитетинин, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрү тарабынан 2017-жылдын сентябрынан декабрына чейинки мезгил аралыгына карата төмөндөгүлөр жүргүзүлгөн:

- 2016-жылга ЕАЭБ бюджетинин аткарылышына тышкы аудит (контроль), аудиттин алкагында 2016-жылга бюджеттик отчеттулуктун тууралыгына жана 2016-жылы ЕАЭБ бюджетинин каражаттарынын пайдаланылышына текшерүү жүргүзүлгөн;
- 2017-жылдын 1-жарым жылдыгында ЕАЭБ бюджетинин аткарылышына тышкы аудит (контроль), аудит алкагында 2017-жылдын 1-жарым жылдыгында ЕАЭБ бюджетинин кирешелеринин түзүлүшүнө жана чыгымдарынын аткарылышына талдоо, 2017-жылдын 1-жарым жылдыгында бюджеттин каражаттардын чыгымдалышына талдоо жүргүзүлгөн;
- 2018-жылга ЕАЭБ бюджетинин түзүлүшүнө тышкы аудит (контроль), аудиттин алкагында 2018-жылга ЕАЭБ органдарынын бюджеттик сметалар долбоорлорунун негиздүүлүгүнө, алардын ЕАЭБ укугуна жана ЕАЭБ органдарынын актыларына туура келишине текшерүү жана талдоо, 2018-жылга ЕАЭБ бюджетинин долбоорун түзүү тартибине, 2018-жылга ЕАЭБ бюджетинин долбоорундагы кирешелер менен чыгымдардын көрсөтүлүшүнүн толуктугуна, ЕАЭБ укугуна жана ЕАЭБ органдарынын укуктук-ченемдик актыларына туура келишине текшерүү жүргүзүлгөн.

Тышкы эксперттик-аналитикалык иш чаралардын объектилери болуп, төмөндөгүлөр эсептелген:

**1. Евразиялык экономикалык комиссия (мындан ары – Комиссия);**

**2. Евразиялык экономикалык биримдиктин соту (мындан ары – ЕАЭБ соту).**

Аныкталган бузууларды жана кем чыгууларды четтетүү, Биримдиктин бюджетинин каражаттарын башкаруунун жана тескөөнүн, Биримдиктин мүлкүн жана башка активдерин пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, Биримдиктин укуктарына кирген актыларды жакшыртуу максатында, төмөндөгүлөр сунушталган:

1. ЕАЭБ интеграцияланган маалымат тутумун түзүүгө, иштешин жана өнүгүүсүн камсыздоого, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө, ЕАЭБ органдарынын кызматкерлерин кызматтык командировкаларга жөнөтүүдө жана автотранспортту пайдаланууда, ЕАЭБ бюджетинин каражаттарынын пайдаланылышынын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү;

2. 2014-жылдын 21-ноябрындагы Жогорку Евразиялык экономикалык Кеңештин чечими менен бекитилген, ЕАЭБ сотунун судьяларын, кызматтагы адамдарын жана кызматкерлерин, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүн медициналык жана транспорттук тейлөө тартибинин талаптарына, ЕАЭБ сотунун судьяларына, кызматтагы адамдарына жана кызматкерлерине, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө медициналык тейлөөнү көрсөтүү түрлөрү, көлөмү жана шарттары жөнүндө Жобонун нормаларын кайрадан карап чыгуу;

3. Сатып алуулардын маалыматтык ачыктыгын жана атаандаштык принциптерин сактоо, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана жумуштарды сатып алууга акча каражаттарынын натыйжалуу пайдаланылышын жогорулатуу максатында, ЕАЭБ органдары тарабынан сатып алууларды жүргүзүү боюнча бирдей мамилелерди жана жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, сатып алуу чөйрөсүн жөнгө салуучу, ЕАЭБ органдарынын укуктук-ченемдик актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү;

4. Бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу принцибин сактоо жана аларды белгилөөнүн негиздүүлүгүнөн улам, ЕАЭБ органдарындагы чыгымдар ченемдерин унификациялоо боюнча маселени кароо;

5. Өндүрүшкө арызды кабыл алуудан баш тартуу, ошондой эле иш боюнча өндүрүштү токтотуу учурунда, ЕАЭБ сотуна кайрылууда чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан төлөнгөн алымдарды колдонуу тартибин аныктоо жөнүндө маселени жөнгө салуу боюнча чараларды;

6. ЕАЭБ бюджетинин каражаттарын (дене тарбия-ден соолукту чыңдоого) негизсиз пайдалануу бөлүгүндөгү, 144,2 миң рубль суммасындагы бузууларды четтетүү боюнча көрсөтмөнү милдеттүү түрдө аткаруу үчүн ЕАЭБ сотунун төрагасына жөнөтүү;

7. Колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерин жана келишим шарттарын эске алуу менен, ишти өз убагында аткарбагандыгы үчүн, подрядчыга (“КРОК инкорпорейтед” ЖАКы) айып пул санкцияларын салуу маселесин кароо.

***2018-жылга республикалык бюджеттин, Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттери жөнүндө мыйзамдарынын долбоорлоруна, ошондой эле аларга болгон өзгөртүүлөргө карата корутунду***

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 72-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы республикалык бюджеттин жана Социалдык фонддун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин долбоорлоруна, аларга карата өзгөртүүлөргө корутунду берет жана талдоо жүргүзөт.

Көрсөтүлгөн Кодекстин ченемдерин аткаруу менен, отчёттук жылы Эсептөө палатасы төмөндөгү мыйзам долбоорлоруна талдоо жүргүзгөн:

- “2018-жылга республикалык бюджет жана 2019-2020-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына;

- “2016-жылга республикалык бюджет жана 2018-2019-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына;

- “2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2019-2020-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына;

- “2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына.

Жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам долбоорлоруна жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктары боюнча корутундулар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берилген.

### *Эл аралык стандарттар менен жүргүзүлгөн аудиттер*

Көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө мурдатан бери ийгиликтүү колдонулуп келген, аудитордук иштин эл аралык стандарттарын колдонуу, Кыргыз Республикасы үчүн маанилүү жана зарыл шарт болуп эсептелет. Буга байланыштуу, дүйнөлүк экономикалык коомчулукта Кыргыз Республикасын интеграциялоо, рыноктун инфра түзүмүнүн толук кандуу элементи ролунда аудиттин өнүктүрүү негизин аныктайт, бул болсо өз кезегинде, аудиторлордун кесипкөйлүгүн жана аудитордук кызматтардын сапатын жогорулатуу зарылдыгына алып келет.

Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы натыйжалуулук аудити жана шайкештик аудитин камтуу менен, аудиттин эл аралык стандарттарын колдонуу боюнча план ченемдүү иштерди жүргүзүүдө.

Алсак, 2016-жылы Казакстан Республикасынын Республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча Эсептөө комитети, Кытай Эл Республикасынын Улуттук аудит кеңсеси жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан бирдей контролдук иш чараларды жүргүзүү жөнүндө Макулдашуунун алкагында, “Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институту медициналык кызматтарды көрсөтүүдө адам, материалдык-финансылык ресурстарын натыйжалуу башкарабы?” темасы боюнча, Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институтунда бирдей натыйжалуулук аудити жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 13-апрелиндеги №1509-VI “Евразия экономикалык биргилигине интеграциялоонун шарттарында ата мекендик өндүрүүчүлөрдү, экспорттоочуларды коргоо жана колдоо көрсөтүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө тапшырма жөнүндө” токтомунун 2-пунктун аткаруу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы натыйжалуулук аудитин жүргүзгөн жана 2015-жылдын 3-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Россия Федерациясынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация

министрлигинин ортосундагы макулдашуу боюнча мамлекеттик органдар тарабынан алынган, 16,42 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары жөнүндө Бириктирилген отчёт даярдаган.

Көрсөтүлгөн аудиттер боюнча отчёттор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жөнөтүлгөн.

## 3. Коррупцияга каршы иш-чаралар

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы №26 Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы №215 “Кыргыз Республикасынын Коррупцияга каршы мамлекеттик саясатын ишке ашыруу” Жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу максатында, Эсептөө палатасынын төрагасынын 2017-жылдын 30-январындагы №04-4/10 буйругу менен, 2017-жылдагы Эсептөө палатасынын коррупцияга каршы иш-чаралар планы бекитилген (мындан ары – План).

Планда каралган иш-чаралар, Эсептөө палатасында коррупцияга каршы саясатты ишке ашырууну уюштуруучулук менен камсыздоого жана укуктук-ченемдик камсыздоого багытталган.

Планды аткаруу алкагында, Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан Коррупцияны алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын комиссиясы жөнүндө Жобо кабыл алынган, анын негизинде Коррупцияны алдын алуу боюнча Эсептөө палатасынын комиссиясы түзүлгөн. Отчёттук мезгил ичинде жогоруда аталган комиссия тарабынан, Эсептөө палатасында коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Эсептөө палатасы тарабынан кабыл алынган укуктук актылардын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан коррупцияны алдын алуу максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын укуктук актыларынын долбоорлоруна укуктук экспертиза жүргүзүү боюнча Нускама кабыл алынган.

Көрсөтүлгөн Нускамада экспертизанын этаптарынын бири катары, укуктук актылардын долбоорлоруна коррупцияга каршы талдоо жүргүзүү, ошондой эле “дискрециялык ыйгарым укук”, “коррупциялык фактор” жана “лингвистикалык коррупциялык” терминдерин аныктоо каралган.

Эсептөө палатасынын ишиндеги коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо боюнча, пландалган коррупцияга каршы иш-чараларды аткаруу менен, ошондой эле коррупцияга каршы түзүлгөн жана арналган иш-чаралар алкагында, Эсептөө палатасынын кызматкерлери үчүн, 2017-жылдын 30-августунда Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин катчылыгынын жардамы менен, “Коррупцияга каршы саясаттын мамлекеттик стратегиясы”, “Коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу” жана “Кызыкчылыктардын талаш-тартышы” темасында тренинг өткөрүлгөн.

Коррупцияга каршы күрөшүүдө потенциалды өнүктүрүү боюнча IDI (ИНТОСАЙ өнүктүрүү демилгеси) программасынын алкагында, “Коррупция менен

күрөшүү үчүн институционалдык түзүмдөргө аудит" окутуу курсуна Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин катышуусу уюштурулган.

Эсептөө палатасынын маалыматтык ачыктыгын жана айкындуулугун камсыздоо максатында, Эсептөө палатасынын расмий сайтын модернизациялоо жүргүзүлгөн. Анын жыйынтыгы боюнча жарандар менен кайрадан байланышууну камсыздоо үчүн, сайттын функциясы күчөтүлгөн, ал эми Эсептөө палатасынын иштелип чыккан жаңы сайты, Эсептөө палатасы жана анын иши жөнүндө абдан толук маалыматты карайт, ошону менен бирге, "Коррупцияга каршы саясат" бөлүгү да каралган.

Дүйнөлүк банктын финансылык колдоосу алдында, Эсептөө палатасы тарабынан коррупцияга каршы тематикада үч социалдык ролик иштелип чыккан, алар КТРК жана ЭлТР эфирлеринде берилген. Роликтер ошондой эле Эсептөө палатасынын расмий сайтына жана Youtube жана башка социалдык тармактарга жүктөлгөн.

Жарандык коом менен өз ара аракеттенишүүнү күчөтүү боюнча иш чаралар алкагында, Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан төмөндөгүлөр кабыл алынган:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын коомдук кабылдамасы жөнүндө Жобо;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасында жарандарды кабыл алуу эрежеси;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын "ишеним телефону" жөнүндө Жобо;

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын коомдук кабылдамасы жөнүндө Жобо жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасында жарандарды кабыл алуу эрежеси, жарандын эркиндигин жана укуктарын коргоону абдан натыйжалуу жүзөгө ашыруу максатында жана алардын маселелерин ыкчам чечүү үчүн, жарандарды кабыл алууну тартипке салууга багытталган.

Мисалы, жогоруда аталган жарандарды кабыл алуу эрежеси менен, жеке кабыл алууга кайрылган жарандарды каттоону жүргүзүү каралган, бул болсо, өз кезегинде жеке кабыл алууга кайрылган жарандарды жана алар тарабынан көтөрүлгөн маселелерди каттоого (статистика жүргүзүүгө) мүмкүнчүлүк берет.

Эсептөө палатасынын "ишеним телефону" жөнүндө Жобо, "ишеним телефонунун" ишинин жаңы форматын карайт, ошону менен бирге, жарандардын маалыматты билдирүү тартиби жөнөкөйлөтүлгөн. Ошентип, кайсы гана болбосун жаран, Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан жасалган коррупциялык көрүнүштөр жөнүндө билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

"Ишеним телефонунун" номери Эсептөө палатасынын расмий сайтында жайгаштырылган жана аудит жүргүзүү буйругунда көрсөтүлгөн, анын көчүрмөсү аудит башталаар алдында аудит объектисине берилет.

Жарандар үчүн ыңгайлуу болушу үчүн, "ишеним телефонунун" номери стационардыктан мобилдикке алмашылган. Ошону менен бирге, "Кыргызтелеком" ААКсынын абоненттери, ошондой эле республиканын региондорунда жашаган жарандар үчүн чалуу акысыз.

Отчёттук мезгилде Эсептөө палатасы коррупцияга каршы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоону камсыздоо боюнча консультациялык-кеңешме органдарынын ишине катышкан.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 11-апрелиндеги №73 Жарлыгы менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы У.А.Марипов Коррупцияга каршы саясаттын мамлекеттик стратегиясын контролдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин жумушчу тобунун курамына киргизилген.

Ошентип, 2017-жылдын апрелинен тартып, Эсептөө палатасы жогоруда көрсөтүлгөн Жумушчу тобунун ишине катышат жана мамлекеттик органдарда, уюмдарда жана мекемелерде тутумдуу коррупцияны жокко чыгаруу боюнча, кадамдык иш чараларды иштеп чыгууда бир кыйла маанилүү ролду ойнойт.

Эсептөө палатасынын Кеңешинин демилгеси жана Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин катчылыгынын суроо-талабы боюнча, тутумдуу коррупцияны бузуу боюнча, иш чараларды иштеп чыгуу жана талдоо жүргүзүү үчүн, аудиттин жыйынтыктары жөнүндө отчёттордун көчүрмөлөрү жөнөтүлүп турат.

2017-жылдын июнунда Эсептөө палатасы укук коргоо органдары менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенишүүсүн оптималдоо боюнча коррупцияга каршы маселелер боюнча укук коргоо, фискалдык жана башка жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мамлекеттик органдарынын координациялык кеңешмелерине катышкан.

2017-жылдын декабрында Эсептөө палатасынын демилгеси менен, Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча Координациялык кеңештин чечими менен, бул Координациялык кеңешменин курамына Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынан төрагасы У.А. Марипов киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан коррупцияга каршы иш чаралар алкагында, 2018-жылга Эсептөө палатасы тарабынан коррупцияны алдын алуу боюнча тутумдуу иш улантылат, ошону менен бирге, Эсептөө палатасынын түзүмдүк, аймактык бөлүнүштөрүнүн жана анын кызматкерлеринин ыйгарым укуктарын жана функцияларын андан ары конкреттештирүү жана оптималдоо максатында, функционалдык талдоо жүргүзүү пландалууда. Эсептөө палатасынын ченемдик документтерин жана Эсептөө палатасынын ишин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды инвентаризациялоо боюнча иштер күчөтүлөт.

Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан кызматтык тартиптин сакталышын камсыздоого багытталган механизмдерди күчөтүү боюнча иш чаралар пландалууда, мисалы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин этикасынын жаңы кодекси кабыл алынат, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Тартип комиссиясынын ыйгарым укуктары кеңейтилет ж.б.у.с.

Ошондой эле, Эсептөө палатасынын аудитордук иш чараларында тобокелдикке багытталган мамилени камсыздоо боюнча андан ары чаралар көрүлөт.

# 4. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу

## 4.1. Бийлик органдары жана мамлекеттик башка органдар менен өз ара аракеттенишүү

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз каранды эмес жогору турган органы болуп саналат жана өз ишинде Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчёт берет. 2017-жыл ичинде Эсептөө палатасына Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен 200 суроо-талап, тапшырмалар, каттар жана башка кайрылуулар келип түшкөн.

Отчёттук жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты менен өз ара аракеттенишүү төмөндөгүдөй багыттар менен жүргөн:

- Аудитордук иш чараларды жүргүзүү бөлүгүндө келип түшкөн тапшырмаларды аткаруу;
- Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө маалымат берүү;
- Пленардык жана башка отурумдарга жана талкуулоолорго Эсептөө палатасынын жетекчилигинин жана аудиторлорунун катышуусу.

Алсак, 2017-жыл ичинде Эсептөө палатасынын дарегине Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан, ар кандай маалыматтарды берүүгө байланыштуу 60 кат келип түшкөн. Ошондой эле, Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 29 отчёт жана корутунду жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен 140 кат келип түшкөн, анын ичинен, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча отчётторду жана маалыматтарды берүү жөнүндө 31 суроо-талаптар, аудит жүргүзүү жөнүндө 17 тапшырма, отурумдарга жана талкуулоолорго катышуу үчүн 57 чакыруу ж.б.

Отчёттук жылдын акырында тапшырмалар аткарылган, суроо-талаптар канааттандырылган, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча тиешелүү маалыматтар даярдалган жана жөнөтүлгөн.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын демилгеси менен, жыл ичинде Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан кабыл алынган токтомдордун негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин дарегине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө 55 отчеттор жана кортунудулар жөнөтүлгөн. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешине Эсептөө палатасынын демилгеси менен, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 23 жана суроо-талаптар боюнча 14 отчёт жөнөтүлгөн.

## 4.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү

Отчёттук мезгилде “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бекитилген ыйгарым укуктарды эске алуу

менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы менен укук коргоо органдарынын өз ара аракеттенишүүсүн уюштуруу боюнча иштер улантылды.

Укук коргоо органдары менен Эсептөө палатасынын биргелешкен координациялык иши, коррупциялык көрүнүштөр, экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүүдө, абдан жогорку натыйжаларга жетүүгө алып келет. Ошентип, өз ара аракеттенишүү төмөндөгүдөй багыттар менен жүргөн:

- Укук коргоо органдарынын кароосуна аудитордук иш чаралардын жыйынтыктарын жөнөтүү;
- Козголгон жазык иши боюнча аудиттерди жүргүзүү.

Аудитордук иш чаралардын жөнөтүлгөн материалдарынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү максатында, Эсептөө палатасы тарабынан укук коргоо органдарынын мезгил мезгили менен, тиешелүү материалдар суралат.

2017-жыл ичинде каржы бузууларына каршы аракеттенүүнүн жазыктык-укуктук каражаттарын камтуу менен, мыйзам менен каралган көңүл буруу чараларын көрүү үчүн, Эсептөө палатасы тарабынан **593,8 млн. сом** суммасындагы аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча **51 материал** жөнөтүлгөн, анын ичинен:

- прокуратура органдарына - 514,7 млн. сом суммасындагы аудиттин 16 материалы;
- КРӨгө караштуу Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматына - 76,7 млн. сом суммасындагы аудиттин 33 материалы;
- КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине - 2,4 млн. сом суммасындагы аудиттин 2 материалы.

Жөнөтүлгөн аудитордук иш чаралардын материалдарын кароо жыйынтыгы боюнча **23 жазык иши козголгон,** анын ичинен, отчёттук мезгилде 6 жазык иши сот органдарына жөнөтүлгөн (айыптоо корутундусу менен -3, мурда козголгон жазык ишинин материалдарына 3 иш тиркелген); аудитордук иш чаралардын материалдарынын негизинде козголгон 11 жазык иши боюнча тергөө улантылууда; 5 жазык иши боюнча териштирүү токтотулуп турат, 1 жазык иши боюнча териштирүү токтотулган.

Мындан сырткары, аудитордук иш чаралардын 13 материалы боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлүүдө. Алсак, тергөө бөлүмдөрү тарабынан 8 материал боюнча текшерүү иш чаралары жүрүп жатат, 2 материал боюнча прокурордук көңүл буруу актысы чыгарылган, 2 материал боюнча сотко доо арыз берилген, 1 материал боюнча соттук-курулуш экспертиза дайындалган, 1 материал териштирилип жаткан жазык ишинин алкагында каралууда.

Аудитордук иш-чаралардын жыйынтыктарынын калган 15 материалы боюнча, факты жүзүндө жагдайды жана белгиленген кошумча маалыматтарды эске алуу менен, жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган.

2016-жылга салыштырмалуу, берилген материалдардын саны 2017-жылы 20%га (2016-жылы 63 материал) азайган, бирок, бузуулардын жалпы суммасы 4,5 эсеге өскөн ( 2016-жылы – 130,3 млн. сом).

Ошону менен бирге, прокуратура органдары тарабынан кароо жана аудит материалдарын тергөө жыйынтыктарынын көрсөткүчтөрү, финансылык-бюджеттик чөйрөдө укук бузууларга каршы күрөшүү боюнча ведомстволук өз ара аракеттенишүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун туруктуу тенденциясынын түзүлүшү жөнүндө күбөлөндүрөт.

Алсак, мындай биргелешкен иштин негизги жыйынтыктарынын бири болуп, аудитордук иш чаралардын материалдарынын негизинде Бишкек шаарынын прокуратурасы тарабынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 26-мартындагы №182-р "Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу Дарылоо-ден соолукту чыңдоо бирикмесинин Бишкек шаары, Панфилов көчөсү, 172 дареги боюнча жайгашкан имараттагы дарыканасынын мүлктүк комплексин кийин сатып алуу менен белгиленген тартипте А.Д.Жайлобаевге ижарага өткөрүп берүү жөнүндө" буйрутмасын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2004-жылдын 7-апрелиндеги №9-4 буйругун, Бишкек шаарынын мэриясынын 2006-жылдын 25-январындагы №61 токтомун, ошондой эле №056383 жер участкасына жеке менчик укугу жөнүндө Мамлекеттик актыны жараксыз деп таануу жөнүндө берилген доо эсептелет. Бүгүнкү күнү бул доо боюнча, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жогоруда көрсөтүлгөн актыларын жараксыз деп таануу жөнүндө токтому бар.

"Бишкек – "Манас" аэропорту"; "Балыкчы-Тамчы-Корумду" автомобиль жолдорун куруудагы (реконструкциялоодогу) аныкталган жалпы 388,2 млн.сом суммасындагы бузууларга карата, учурда Башкы прокуратура тарабынан соттук экспертиза дайындалган.

Аудит материалдарын кароо жыйынтыгы боюнча Баткен областынын прокуратурасы тарабынан, Баткен областынын Кадамжай райондук билим берүү бөлүмүндө 2,7 млн.сом уурдоо, эмгек акыга багытталган 1,3 млн.сом суммасындагы бюджеттик каражаттардын максатсыз пайдалануу фактысы боюнча жазык иши козголгон. Жазык иши териштирүү баскычында турат.

Ошондой эле, Бишкек шаарындагы №17 үй-бүлөлүк медицина борборунда 2,1 млн.сом суммасындагы акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруунун аныкталган фактысы боюнча, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитети тарабынан жазык иши козголгон. Жазык иши териштирүү баскычында турат.

Аудитордук иш чаралардын жүрүшүндө аныкталган, Өзгөр районунун Мырзаке айылындагы Жалпы врачтык практика борборунда курулуш иштерин 301,8 миң сомго ашыруу фактысы боюнча, "Исма-Строй" ЖЧКсынын жооптуу адамы М. Исмаиловго карата айыптоо өкүмү чыккан. Зыян толугу менен калыбына келтирилген.

Ошондой эле, отчёттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынан аудит дайындоо жөнүндө 80 токтом келип түшкөн, анын ичинен:

- Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматынан (мындан ары - ЭККМК) - 44;
- Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинен (мындан ары - УКМК) - 31;
- Ички иштер министрлигинен (мындан ары - ИИМ) - 3;

- Прокуратура органдарынан -2.

Келип түшкөн токтомдордун жалпы санынан, 11 токтом боюнча тиешелүү аудитордук иш чаралар жүргүзүлгөн. Анын ичинен: ЭККМК – 6; УКМК - 2; ИИМ - 1; прокуратура органдары -1.

Калган 69 токтом боюнча Эсептөө палатасы тарабынан аудит жүргүзүүдөн баш тартылган. Баш тартуунун негизги себеби болуп, эреже катары, көпчүлүк учурда укук коргоо органдары тарабынан аудит дайындоодо, Эсептөө палатасынын компетенциясына кирбеген маселелерди белгилөө фактысы эсептелет, же териштирилип жаткан иштин алкагында далилденген фактылар боюнча зарыл жагдайды түшүндүрүү же тастыктоо менен байланышпаган, жалпы мүнөздөгү маселелер көрсөтүлөт.

2017-жылы Эсептөө палатасынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле бюджеттик мыйзамды бузуулар менен күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы менен укук коргоо органдарынын ортосунда өз ара аракеттенишүү жөнүндө Макулдашуунун долбоору иштелип чыккан. Ал, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан каралган жана жактырылган. Түзүлгөн практиканы жана ишти кайрадан кароону эске алуу менен, бул Макулдашуу каржылык укук бузуларын четтетүү жана Макулдашуунун катышуучуларынын ортосунда маалымат алмашуу боюнча натыйжалуу өз ара аракеттенишүүгө багытталган, анда кароо жана көңүл буруу чараларын көрүү үчүн, Эсептөө палатасынын аудитордук иш-чараларынын материалдарын даярдоо жана берүү шарттары белгиленген.

Учурда, көрсөтүлгөн документтердин долбоорлору укук коргоо органдары менен макулдашуудан өткөн жана кол коюу баскычында турат.

### 4.3. Коомчулук жана жалпыга маалымдоо каражаттары менен байланышуу

Коомчулукка маалымдоо Эсептөө палатасынын ишиндеги артыкчылыктуу багыттардын бири болуп эсептелет. Эсептөө палатасы максималдуу ачыктыкты жана ченемдери мыйзам менен бекитилген, маалымат ачыктыгын камсыз кылууга көңүл бурат.

2017-жылы коомчулукка маалымдоо, Эсептөө палатасынын расмий веб-сайтына пресс-релиздерди жана контролдоочу органдын иши, Эсептөө палатасы аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү алкагындагы жүргүзүлгөн реформалар жана аудиттердин жыйынтыгы жөнүндө билдирүүлөрдү, макалаларды жана интервьюларды жайгаштыруу жолу менен жүзөгө ашырылган.

Мындан сырткары, республикалык жалпыга маалымдоо каражаттарынын журналисттери менен жетекчиликтин жолугушуулары уюштурулган, анын ичинен, телеканалдарга жана радиостанцияларга берилген интервьюлар. Өткөн жыл ичинде Эсептөө палатасынын иши жөнүндө 67ге жакын пресс-релиздер даярдалган жана жарыяланган. Сайтка жарыяланган бардык билдирүүлөр, алдыңкы маалымат агенттиктери жана жаңылык сайттары тарабынан кайрадан басылып чыккан. Жогоруда көрсөтүлгөн пресс-релиздердин, парламенттин отурумдарында жана башка иш чараларда жетекчиликтин чыгып сүйлөгөндөрүнүн

жана интервьюларынын негизинде республикалык жалпыга маалымдоо каражаттарында 2017-жылдагы карата бардыгы болуп, 700 материал жарыяланган.

Ачыктыкты жана айкындыкты, жарандардын туура маалыматтарга ыкчам жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн, Эсептөө палатасынын расмий веб-сайты кайрадан жаңыртылып, жасалып чыккан. Мамлекеттик же коммерциялык купуя сырды камтыган жана берген аудиттерден сырткары, жүргүзүлгөн аудиттер жөнүндө материалдар веб-сайтка жарыяланып турат.

Мындан сырткары, убакыт талабын эске алуу менен, жарандык коом менен өз ара аракеттенишүүнүн жаңы форматтары жайылтылууда. Бүгүнкү күнү Эсептөө палатасы Twitter жана Facebook социалдык тармактарында, YouTube видеохостингинде берилет. Мекеменин расмий аккаунттарына жазылгандардын интернет-аудиториясы күндөн күнгө көбөйүүдө.

Отчёттук жылы жарандардан 62 кайрылуусу кат жана электрондук түрдө келип түшкөн. Бардык келип түшкөн кайрылуулар көзөмөлгө алынып, Кыргыз Республикасынын “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Мыйзамына ылайык каралган.

Отчёттук мезгилге карата “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын коомдук кабылдамасына” ар кандай маселелер менен 7 жаран кайрылган.

Талдоо көрсөткөндөй, жарандардын кайрылууларында көтөрүлгөн маселелер кеңири диапазондогу тематикаларга ээ. Негизги маселелер болуп, мамлекеттик органдардын жетекчилерине даттануулар жана тигил же бул органдарга аудит жүргүзүү өтүнүчү эсептелет.

Отчеттук мезгилдин аягына карата баардык келип түшкөн кайрылуулар толук каралып, тиешелүү маалыматтар даярдалып, адресаттарга жөнөтүлгөн. Кайрылууда бюджеттик мыйзамды бузуулар жөнүндө келтирилген фактылар, кошумча текшерилгенден кийин, аудитордук иш чараларды пландоодо, ошондой эле аудит программасын түзүүдө түздөн түз колдонулат.

### 4.4. Эл аралык кызматташуу

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы:

- БУУнун мүчөлөрү болгон дүйнө өлкөлөрүнүн аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (INTOSAI);
- Аудиттин жогорку органдарынын Азиялык уюмунун (ASOSAI), INTOSAIнин регионалдык топчосунун;
- Экономикалык кызматташуу өлкөлөрүн бириктирген жогорку аудитордук мекемелердин эл аралык уюмунун башкармалыгынын (ECOSAI);
- Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин (КМШ ФКЖО);
- Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин (ШКУ ФКЖО) мүчөсү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы эл аралык ишин “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине ылайык жүргүзөт.

2017-жылы артыкчылыктуу багыт болуп, эл аралык аудитордук уюмдар, ошондой эле регионалдык бирикменин мүчө мамлекеттеринин жогорку аудит органдары менен кызматташуу эсептелди. Эл аралык аудитордук уюмдар тарабынан жүргүзүлгөн иш чараларга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын активдүү катышуусу, Эсептөө палатасынын потенциалын өнүктүрүүгө, эл аралык стандарттарды жайылтуу процессин тездетүүгө багытталган. Өз кезегинде, регионалдык бирикменин алкагындагы Эсептөө палатасынын иши, мүчө мамлекеттердин жогорку аудит органдарынын алдында турган маселелерди чечүү боюнча бүтүндөй тажрыйба алмашуу жолу менен, мамлекеттик аудит тутумун өнүктүрүүгө жардам берет.

*Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (INTOSAI), Аудиттин жогорку органдарынын Азиялык уюмунун (ASOSAI) алкагында кызматташуу, Экономикалык кызматташуу өлкөлөрүн жогорку аудит органдарынын эл аралык уюмунун (ECOSAI) алкагында кызматташуу*

2017-жылдын майында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрү, “Цифралаштыруу, ачык маалыматтар жана маалыматтарды алуу – туруктуу өнүгүү максатын өнүктүрүүдө ФКЖО салымына мониторинг жүргүзүүнү камтуу менен, ФКЖОнун аудитордук ишине тартуу жана маанилүүлүк” темасына арналган БУУ/ИНТОСАИнин 24-симпозиумуна катышышкан.

Ошондой эле, 2017-жылдын июлунда Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин катышуусу менен, видео конференция байланышы аркылуу мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү боюнча ИНТОСАИнин Жумушчу тобунун отуруму өткөн.

2017-жылдын ноябрында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрү мамлекеттик карызды тескөө боюнча ЮНКТАДдын 11-конференциясына катышышкан. Ушул эле айда, ECOSAI ишинин алкагында Түркия Эсеп соту тарабынан “Финансылык аудит/тобокелдиктердин негизинде аудит” темасындагы окутуу программасы өткөрүлгөн, ага Эсептөө палатасынын кызматкерлери катышкан.

2017-жылдын декабрында Эсептөө палатасынын өкүлү, “Туруктуу өнүгүү максатын (ТӨМ) ишке ашырууга аудитти камтуу менен, аудит процессин инновациялоо жана жакшыртуу” темасындагы ASOSAI семинарына катышкан.

*Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин (КМШ ФКЖО) алкагында кызматташуу*

2017-жылдын февралында Эсептөө палатасынын өкүлү, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин Улуттук көрсөткүчтөр боюнча эксперттик тобунун видео конференция байланышуу сеансына катышкан. Ошондой эле, 2017-жылдын июнунда Казакстандын Астана шаарында Улуттук көрсөткүчтөр боюнча эксперттик тобунун X тобунун отуруму өткөн.

2017-жылдын апрелинде Бишкек шаарында КМШ мүчө мамлекеттеринин ФКЖОсу үчүн, мамлекеттик финансылык контролдоонун стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу тобунун тобунун X-отуруму болгон.

2017-жылдын сентябрында Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин XVII- сессиясы Азербайжан Республикасынын Баку шаарында өткөн. Сессиянын жүрүшүндө Кеңештин мүчөлөрү экономикалык коопсуздукту камсыздоодо жана бул көйгөйгө заманбап мамиле кылууда финансылык контролдоонун жогорку органдарынын ролу, болуп жаткан өзгөрүүлөргө карата адаптациялануу мүмкүнчүлүктөрү жана жаңы келечектерди талкуулашкан. Сессиянын жыйынтыгы боюнча Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин XVII сессиясынын резолюциясы жана чечими кабыл алынган.

*Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин (ШКУ ФКЖО) алкагында кызматташуу*

Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин 3-жолугушуусунда (2016-жылдын 27-майы, Астана шаары) жактырылган иш чаралар планына жана Казакстан Республикасынын Республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча Эсептөө комитети, Кытай Эл Республикасынын Улуттук аудит кеңсеси жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан бирдей контролдук иш чараларды жүргүзүү жөнүндө Макулдашууга ылайык, 2017-жыл ичинде саламаттык сактоо чөйрөсүндө бирдей контролдук иш чаралар (аудит) жүргүзүлгөн. 2017-жылдын декабрында Казакстандын Астана шаарында катышуучулардын биргелешкен отуруму болуп өткөн, анда бирдей контролдоо жыйынтыгы каралган.

*Евразиялык экономикалык биримдик (ЕАЭБ) алкагында кызматташуу*

Жогорку Евразиялык экономикалык кеңеш тарабынан бекитилген, Евразиялык экономикалык биримдиктин органдарында тышкы аудит (контролдоо) жөнүндө Жобого (2015-жылдын 16-октябрындагы №33) ылайык, 2017-жылы ЕАЭБ органдарына тышкы аудит жүргүзүлгөн, ага Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын инспекторлору катышкан.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери, Армения Республикасынын Контролдоо палатасы, Беларусь Ресубликасынын Мамлекеттик контролдоо комитети, Казакстан Республикасынын Республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча Эсептөө комитети жана Россия Федерациясынын Эсептөө палатасы менен биргелешкен текшерүүгө катышышкан. Бул иш-чаранын максаты болуп, тыштан келтирилген бажы алымдарынын (жана башка алымдар, эквиваленттик аракетке ээ салыктар жана жыйымдар) суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бюджеттеринин кирешелерине чегерүү тартиби жөнүндө Жобонун ыйгарым укуктуу органдар тарабынан сакталышы маселеси болгон.

*Кыргыз Республикасындагы Европалык Кеңештин өкүлчүлүгү менен кызматташуу*

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы “Кыргызстандагы социалдык коргоо секторун реформалоо келишимине “Техникалык жардам” долбоору алкагында  Кыргыз Республикасындагы Европалык Кеңештин өкүлчүлүгү менен кызматташат.

2017-жылы долбоор тарабынан методологиялык колдоо көрсөтүлгөн жана 2016-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусунун финансылык отчеттуулугуна шайкештик аудиттин (комплекстүү аудит) жана финансылык аудиттин жумушчу формалары жана Чарба жүргүзүүчү объекттерге  финансылык аудит жүргүзүү колдонмосуна карата жумушчу формалары иштелип чыккан.  ШКУ кызматташуу алкагында, Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институтунда натыйжалуулук аудит жүргүзүүдө, методологиялык колдоо көрсөтүлгөн.

## 5. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо

### 5.1. Методологиялык камсыздоо

Мамлекеттик аудитти жүргүзүү жаатында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын методологиялык базасын камсыздоо алкагында, төмөндөгүдөй иш-чаралар жүзөгө ашырылган:

1) ИНТОСАИ натыйжалуулук аудитинин стандарттары менен макулдашуунун жана натыйжалуулук аудити боюнча колдонмонун методологиялык ишин улантуучулугунун толук сакталышы менен, “Мамлекеттик инвестициялар программасынын (МИП) долбоорлорунун натыйжалуулугуна аудит жүргүзүү боюнча окуу куралы” долбоорун иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинде бекитүү боюнча иштер жүргүзүлгөн. Окуу куралы МИП долбоорлорунун натыйжалуулугуна жүргүзүлгөн аудиттин сапатын жакшыртууга багытталган жана аларды ишке ашырууда мамлекеттик каражаттардын чыгымдоонун ачыктыгын  жана натыйжалуулугун жогорулатат; мамлекеттик инвестициялар секторундагы артыкчылыктуулукту жана кийинки пландоо процесстерин оптималдайт;

2) республиканын мыйзамдарына жана эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык,  Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасындагы аудиттердин сапатын ички контролдоо тутумунун натыйжалуу иштеши максатында, төмөндөгүлөр иштелип чыгып, колдонууга карата бекитилген:

- “Аудитордук текшерүүнү сапатын контролдоону камсыздоо боюнча методикалык сунуштар” долбоору. Бул методикалык сунуштамалардын максаты болуп, республиканын мыйзамдарына жана эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык,  аудитордук текшерүүнү жүрүшүндө иштин ички сапатын камсыздоого жооптуу болгон, Эсептөө палатасынын адистери жана түзүмдүк бөлүнүштөр тарабынан, сапатты ички контролдоо тутумун түзүү жана натыйжалуу иштешине карата талаптардын сакталышы эсептелет.
- Аудиттте тандап текшерүүгө карата бирдиктүү талапты белгилеген жана аудиттин эл аралык стандарттарын эске алуу менен иштелип чыккан, ошондой

эле аудитордук далилдерди чогултуу максатында, текшерүүгө тиешелүү болгон элементтерди тандап алуу ыкмасына карата, "Аудитордук тандоо жол-жобосун колдонуу боюнча методикалык сунуштар" долбоору.

3) мамлекеттик аудит объектилериндеги бузууларды жана кемчиликтерди жана алардын кесепеттерине аныктоого жана баалоого карата бирдиктүү мамилени камсыз кылуу үчүн, ошондой эле мамлекеттик аудиттин жыйынтыгы боюнча отчётту түзүп жатканда, маалыматтарды жалпылоо жана унификациялоо максатында, *мамлекеттик аудиттин жүрүшүндө жана иш процессинде аныкталган бузуулардын Классификаторунун долбоору иштелип чыккан.* Бул методикалык документ, аудиттин материалдарында бузууларды, кемчиликтерди жана алардын кесепеттерин көрсөтүүдө колдонулат, ошондой эле толук жана туура, объективдүү маалыматты алууга жардам берет, ал болсо, аудиттерди жылдык жана стратегиялык пландоодо, аудит объектилеринин тобокелге багытталгандыгын таануу үчүн жетиштүү негиз болот.

4) Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан өлкөнүн чарба жүргүзүүчү субъектеринде аудит жүргүзүүдө, чарба жүргүзүүчү субъекттердин каржылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүү боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын колдонмосуна карата, "Excel" компьютердик программасында иштелип чыккан жумушчу документтеринин формалары даярдалган жана алар колдонууга карата бекитилген.

## 5.2. Финансылык камсыздоо

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын каржылык иши Кыргыз Республикасынын Бюджетине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 29-июнундагы №97-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

2017-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын чыгымдар сметасынын аткарылышы боюнча маалыматтар төмөндөгү таблицада берилген:

***4-таблица. 2017- жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы, млн. сомдо***

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2017-жылдагы бекитилген смета | 2017-жылдагы такталганн смета | Каржылоо | Кассалык чыгымдар |
|---|---|---|---|---|
| Бюджет* | 232,8 | 230,7 | 227 | 227 |
| Фонд** | 21,9 | 21,3 | 21 | 21 |
| **Бардыгы:** | **254,7** | **252** | **248** | **248** |

** Кыргыз Республикасы Эсептөө палатасынын санын кармоого республикалык бюджеттен каржылоо*

*** материалдык-техникалык базаны чыңдоо, кызматкерлердин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү Фондун каржылоо*

2018-жылдын 28-декабырнадыгы №217 “Кыргыз Республикасынын 2017-жылдагы республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, баштапкы бекитилген смета 2,7 млн. сомго азайтылган, анын ичинен, “Кызматтык иш сапарларга чыгымдар”, “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр”, “Жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” беренелери боюнча.

Бюджеттик каражаттарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында, 2017-жылы Эсептөө палатасы боюнча 10 кызматтык жана нөөмөттөгү автомашиналар кыскартылган, анын натыйжасында, “Транспорттук чыгымдар” беренеси боюнча бюджеттик каражаттардын күтүлгөн үнөмдөлүшү 2,0 млн. сомду түзгөн.

Фонд Эсептөө палатасынын борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүнүштөрүнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, кызматкерлеринин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү максатында түзүлгөн.

2017- жылга чыгымдар сметасында каралган бардык иш-чаралар, толук көлөмдө каржылоо менен камсыздалган. Отчёттук мезгилде 03.04.2015-жылдагы №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, электрондук портал аркылуу товарларды, кызматтарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жүзөгө ашырылган. Бардыгы болуп, 64 конкурс өткөрүлгөн, анын ичинен, борбордук аппаратта 23 жана аймактык бөлүнүштөрдө 41.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын конференция залына кезектеги оңдоо иштери жүргүзүлгөн жана конференциялык байланышты (онлайн режиминде) өткөрүү үчүн, заманбап техникалар менен жабдылган. Өрткө каршы кабарлоолор орнотулган жана имараттын эвакуациялоо планы жаңыртылган.

2017-жылдын апрелинде “Марка Аудит Бишкек” көз карандысыз аудит компаниясы тарабынан 2016-жылга Эсептөө палатасынын финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүлгөн.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасынын финансылык отчеттуулугунун аудити көз карандысыз аудитор тарабынан 3 жылда бир жолу жүзөгө ашырылат. Буга байланыштуу, 2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын финансылык отчеттуулугуна аудит, кийинки жылдары көз карандысыз аудит тарабынан ишке ашырылат, аны тандоо “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамга ылайык жүргүзүлөт.

Ошондой эле, жумуш процесстерин автоматташтыруу бөлүгүндө иштер улантылууда. Бүгүнкү күнү иш кагаздарын жүргүзүү, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча отчеттуулукту жүргүзүү, аудитордук ишти пландоо жана жазма буйруктарга, сунуштарга мониторинг жүргүзүү процесстери автоматташтырылган. Мындан сырткары, аудит жүргүзүү процесстерин автоматташтыруу максатында, финансылык аудиттин электрондук формасы

тестен өткөн, натыйжалуулук жана шайкештик аудиттеринин формалары иштелип чыккан жана жайылтылган.

### 5.3. Кадрдык камсыздоо

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын штаттык саны 206 бирдигин түзүп, анын ичинен, факты жүзүндө мамлекеттик кызматчылардын 202 бирдиги өз ордунда иштеп турган.




Техникалык жана тейлөөчү персонал 80 бирдикти түзөт.

Эсептөө палатасынын сапаттуу курамы төмөндөгү маалыматтар менен берилет..

Гендердик курамы боюнча мамлекеттик кызматчылардын 74 пайызын эркектер, 26 пайызын аялдар түзөт.

Билим деңгээли боюнча: баардык мамлекеттик кызматчылар жогорку билимге ээ, алардын ичинен 22,7 пайызы эки же андан ашык билимге ээ. 6 мамлекеттик кызматчы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ.

***6-диаграмма**. **2017-жылы мамлекеттик кызматчылардын сапаттуу курамы***




Отчёттук жылы Эсептөө палатасынын административдик мамлекеттик бош кызмат ордун ээлөө боюнча 21 конкурс өткөрүлгөн, ага катышуу үчүн 309 арыз берилген. Конкурстардын жыйынтыгы боюнча 14 бош кызмат орду ээленген,

ротациялоо боюнча - 1, кызматына кайра коюлган - 1. Эсептөө палатасынын мамлекеттик кадр кызматынын ички резерви менен 3 адам болгон, алар кийинчерээк бош кызмат ордуна дайындалышкан.

Мамлекеттик кызматчыларды окутуунун мамлекеттик заказы алкагында, Эсептөө палатасынын 10 кызматкери: Ишкер кыргыз тили, Кыргыз Республикасындагы АРВнын иштөө механизмдери жана регулятивдүү таасир берүүнүн мыйзамдуу негиздери, Электрондук башкаруунун негиздери, Товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана жумуштарды мамлекеттик сатып алууларды башкаруу, Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруудагы стратегиялык менеджмент, Мамлекеттик жана муниципалдык кызматта адам ресурстарын башкаруу механизмдери, Коррупцияга каршы саясат, Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун негиздери темалары боюнча окутуулар өткөрүлгөн. Анын жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын 7 кызматкери сертификат алышкан.

Ошондой эле, Эсептөө палатасынын 9 кызматкери төмөндөгүдөй тышкы семинарлардан окушкан: Азия өнүктүрүү банкы тарабынан уюштурулган, соттук-бухгалтердик аудит боюнча семинар-практикум; ЖӨБО үчүн жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча колдонмону пайдалануу боюнча окутуу тренинги, бул тренинг Өнүгүү саясаты институту тарабынан уюштурулуп, 2 кызматкер окуган; 1 кызматкер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан уюштурулган, “Мамлекеттик сатып алууларды натыйжалуу башкаруу” темасындагы эл аралык конференцияга катышкан.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын 6 кызматкери төмөндөгүдөй эл аралык окуу семинарларына катышкан:

Натыйжалуулук аудити (Малайзия), Менеджмент долбоорлору: инвестициялык долбоорлор (Италия), ITP “Мамлекеттик ишканаларга аудит” (Индия), Финансылык аудит / Тобокелдиктердин негизде аудит (Түркия), натыйжалуулук аудити боюнча МУП (Индия), Адам ресурстарын башкаруу жана уюштурулган өнүгүү (Япония).

***Эсептөө палатасынын кызматкерлерин сыйлоо жана жаза чараларын колдонуу***

Отчёттук мезгил ичинде 2 мамлекеттик кызматчыга “сөгүш” жана 1 мамлекеттик кызматчыга “эскертүү” тартип жазасы колдонулган. Жүргүзүлгөн кызматтык териштирүүнүн жыйынтыктары боюнча, 5 мамлекеттик кызматчынын иштеги кемчиликтерине көңүл бурулган;

- Эсептөө палатасынын 23 кызматкери сыйланган, анын ичинен: 1 – “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти”; 1 - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматынын Ардак грамотасы менен сыйланган; 7 кызматкер – Эсептөө палатасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ардактуу кызматкери” медалы менен; 2 – Эсептөө палатасынын 3-даражадагы “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын үлгүлүү кызматкери” медалы менен; 3 – Эсептөө палатасынын “Мамлекеттик аудит отличниги” төш белгиси менен; 7 – Эсептөө палатасынын ардак грамотасы менен; 2 – алкыш жарыяланган.

- Ошондой эле, Эсептөө палатасынын сыйлыктары менен, мамлекеттик башка органдар жана уюмдардын 13 кызматкери сыйланган.

***Персоналдарды баалоо***

2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын ишин баалоо жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын ишин баалоо комиссиясынын сунуштары менен, төмөндөгүдөй чечимдер кабыл алынган: борбордук аппарат боюнча 108 мамлекеттик кызматчы жана аймактык бөлүнүштөр боюнча 74 мамлекеттик кызматчы ээлеген кызматына ылайык келээри; 1 мамлекеттик кызматчынын кызматынан жылдыруу; 9 мамлекеттик кызматчынын квалификациясын жогорулатууга жөнөтүү; борбордук аппараттын 42 мамлекеттик кызматчысына жана аймактык бөлүнүштөрдүн 41 мамлекеттик кызматчысына класстык чен ыйгаруу жөнүндө; 2 мамлекеттик кызматчыны Эсептөө палатасынын кадрлардын ички резервдерине киргизүү жөнүндө.

Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан бекитилген, 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын адам ресурстарын башкаруу стратегиясын ишке ашыруу алкагында, Эсептөө палатасынын ишинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларын баалоо тутумун өнүктүрүү боюнча иштер улантылууда, ал ишке объективдүү баа берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***Мамлекеттик тилди өнүктүрүү***

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 2-июнундагы №119 “Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы жөнүндө ” Жарлыгын ишке ашыруу алкагында, Эсептөө палатасынын ишинде мамлекеттик тилди андан ары өнүктүрүү боюнча иштер улантылып жаткандыгын, белгилей кетүү керек.

Учурда, Эсептөө палатасында иш кагаздары, ошондой эле аудит жүргүзүү жыйынтыктары боюнча отчёттор, ага карата жазма буйруктар, актылар, сунуштар, токтомдор, маалыматтар мамлекеттик тилде, ошондой эле расмий тилде түзүлөт. Эсептөө палатасынын Кеңешинин отурумдары, жыйындар жана кеңешмелер мамлекеттик тилде жүрөт. Эсептөө палатасынын кызматкерлери үчүн кыргыз тилин окутуу курстарын уюштуруу боюнча иштер улантылууда жана Мамлекеттик тил боюнча комиссия менен макулдашылып, Аудитордук терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү бекитилген жана Эсептөө палатасынын ишинде колдонулууда.

## Корутунду

Мамлекеттик саясат тарабынан жүргүзүлгөн, коррупцияга каршы багыттоо алкагында, мамлекеттик контролдоо органы катары Эсептөө палатасынын ролу негизги болуп эсептелет. Мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу жана рационалдуу чыгымдалышына контролду күчөтүү, мамлекеттик аудит тутумун жакшыртуу менен бирге, бюджетти толтуруу үчүн кошумча резервдерди издөө, бюджеттик саясатты чыңдоого, каржы бузууларын алдын алууга, бүтүндөй каржы тартибин жогорулатууга жардам берет.

Буга байланыштуу, кезектеги жылга Эсептөө палатасынын коррупцияга каршы иш чаралар планы жана өнүгүүнү стратегиялык планы менен каралган, Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн иш чаралар, кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу, заманбап методологияларды иштеп чыгуу жана жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын сапатын жакшыртуу аркылуу, мамлекеттик аудиттин жогорку органы катары Эсептөө палатасын өнүктүрүүгө алып келиши керек.

Бүгүнкү күнү, Эсептөө палатасы тарабынан көрүлгөн чараларга карабастан, белгилүү бир көйгөйлөр менен кемчиликтердин болгондугун, белгилей кетүү керек. Жыл сайын аныкталган каржы бузууларынын бир кыйла суммалары, аларды калыбына келтирүүнүн орточо пайызы, айрым жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын сапаты, ички методологиялык базанын жетилбегендиги жана аудиттин эл аралык стандарттарына өтүүнүн жогорку темпинин жетишсиздиги, жүргүзүлгөн реформаларды тездетүү зарылдыгы жөнүндө билдирет.

2018-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы өзүнүн потенциалын күчөтүү, стратегиялык пландоону жана аналитикалык-методологиялык иштин жаңы багыттарын жайылтуу процессин улантат.

Буга байланыштуу, алдыга коюлган максаттарга жетүү максатында, Эсептөө палатасы тарабынан кадрдык потенциалды жакшыртуу боюнча иштер улантылат. Алсак, кезектеги жылы мамлекеттик кызматчыларды баалоо тутуму кайрадан каралат жана жакшыртылат, ошондой эле ар кандай тематикалар боюнча бир катар окутуу семинарлары жана тренингдер өткөрүлгөн. Мындан сырткары, персоналдардын эмгекке умтулуусу боюнча саясатты жана иш аракеттерди иштеп чыгуу маселесин кароо пландалууда.

Аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү алкагында, акыркы жылдары Эсептөө палатасы тарабынан бир катар методологиялык документтер иштелип чыккан, пилоттук аудиттер жүргүзүлгөн. Башталган процессти улантуу менен, иштелип чыккан методикаларды тестирлөө, Эсептөө палатасынын инспектордук курамы үчүн, практикалык тренингдерди өткөрүү керек.

Мындан сырткары, оптималдоо максатында, Эсептөө палатасынын ишине функционалдык талдоо жүргүзүлөт, ал начар жерлерди белгилөөгө жана ички коммуникациялардын кемчиликтерин аныктоого мүмкүндүк берет. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде, бизнес-процесстерди автоматташтыруу боюнча иштер улантылат.

Аудитордук иш чараларды пландоо процессине өзгөчө көңүл бурулат. Учурда, аудитордук ишти пландоо, тобокелдиктерди аныктоо тутумуна негизделген. Мында, бул процесс жакшыртууну талап кылат.

Жогоруда көрсөтүлгөн иш чаралардын жыйынтыктары менен, жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын сапаты жакшырышы керек. Бул өз кезегинде, мамлекеттик каражаттардын чыгымдалышына контролдоону күчөтүүгө, коррупциялык көрүнүштөрдү аныктоого жана аларды профилактикалоого жардам берет.

Ошондой эле, коррупциялык көрүнүштөр менен күрөшүү максатында, Эсептөө палатасы тарабынан үстүбүздөгү жылы Эсептөө палатасынын ишиндеги жогорулатылган коррупциялык тобокелдиктердин аймагын аныктоо боюнча иштер жүргүзүлөт, Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин этика кодексинин жаңы редакциясы иштелип чыгат.

Эсептөө палатасынын ишинин ачыктыгын жогорулатуу максатында, коомчулук менен байланышуу иши күчөтүлөт. Үстүбүздөгү жылы “кайрадан байланышуу” мүмкүнчүлүгү менен, расмий сайттын жаңы редакциясы ишке киргизилди. Бул канал жарандардын электрондук кайрылууларын кабыл алуу жана иштеп чыгуу процессин автоматташтырууну камсыздай турган ачык маалымат тутумун көрсөтөт.

Дагы бир маанилүү долбоор болуп, жеке маалымат тутумун түзүү эсептелет. Анын милдети түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин автоматташтыруу. Маалыматтардын бирдиктүү базасы, бардык колдонулган тутумдардан маалыматтарды, ошондой эле ведомство аралык өз ара аракеттенишүү каналдары боюнча алынган маалыматтарды топтойт.

Негизинен, мамлекет тарабынан коюлган, өлкөнү социалдык-экономикалык өнүктүрүү милдеттерин аткаруу, улуттук коопсуздукту жана социалдык туруктуулукту камсыздоо, экономиканын динамикалык өнүгүүсү жана анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, Эсептөө палатасынын ишинин сапатына жана натыйжалуулугуна байланыштуу болот.